13

К.Исаев: “Ат менен алыска чыксак болот”



8

А.Сагынбаева: “Сулуулук да өз тилинде сүйлөсүн”



Калыс көз караш!

# САРЕСЕП

6-август, 2015-жыл
№12 (12)
saresep.kg




М.Тайжан: “Орус тилдүү казактардын да казак тили үчүн жүрөгү ооруй баштады”

3-бетте




Г.Исаков: “Шайлоонун жыйынтыгын тааныбашыбыз мүмкүн”

5-бетте



Кадырынан адашкан карылар

6-бетте



Хиджаб менен эмне ишиңер бар, мырзалар?

11-бетте

## А.Нурбаев: “Мамлекет бир кадам таштаса, жергиликтүү ишкерлер эки кадам жасаганга даяр”

9-бетте





## Орусиялык фонд тогуз долбоорду тандады

Кыргызстан-Орусия өнүктүрүү фонду тогуз долбоорду тандап алып, учурда жолугушууларды уюштуруп жатат. маалыматка ылайык долбоорлорду каржылоо сентябрда башталмакчы.

Кыргыз-орус өнүктүрүү фонду кыргызстандык ишкерлерден түшкөн 70 долбоор-сунушту карап чыкты. Жыйынтыгында алардын ичинен 9 долбоор тандалып алынды. Ушул тапта фонддун жетекчилиги 9 компаниянын топ-менеджерлери менен жолугушууларды уюштуруп жатат. Кыргызстан-Орусия өнүктүрүү фондунун башкармалыгынын мүчөсү Бакыт Курманбеков, алгачкы ири бизнес-долбоор сентябрдан тарта каржылана баштайт дейт.

Сунушталган долбоорлор ичинен айыл чарбасы жана жер-жемиштерин кайра иштетүү тармактарына артыкчылык берилет. Фонддун башкармалыгынын башчысы Нурсулуу Ахметованын маалымдоосуна караганда, фонд Кыргызстан артыкчылык берген тармактарга насыя берүүнү колго алат. Насыялар доллар жана сом менен берилип, ал коммерциялык банктардын үстөк пайызынан төмөн жана мөөнөтү узак болот.

Буга чейин ишкерлер фонддун каржылоосу кечеңдеп жаткандыгын айкан эле. Ал эми фонддун өкүлдөрү кечеңдөөнү каттоонун юридикалык документтеринин бүтө электигине байланыштырышкан. Жогорку Кеңештин экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитетинин төрагасынын орун басары Улукбек Кочкоров, фондду кичи жана чакан бизнеске көбүрөөк көңүл бурушу керек дейт.

Кыргыз-орус өнүктүрүү фондунда учурда 150 млн. доллар бар. Орусия бул фондго 500 млн. доллар которуп, андан кийин анын өлчөмүн 1 млрд. долларга жеткирүүгө убада кылган.



## Макарон цехин иштетип жаткан жаза өтөөчүлөр

Бишкектеги №32 жатак абагында жаза өтөп жаткандар макарон цехин иштетишет. Ал жерде макарондун 7 түрү чыгарылат. Атайын кургатуучу бөлмөдө кургатылып, мүшөккө салынып, таразага тартылып борбордук базага жиберилет. Ал жактан башка түрмөлөргө, жатактарга бөлүнүп берилет. Мындан тышкары эки кабаттуу темир керебеттер жана тумбочкалар жасалат. Жаза өтөп жаткандар убактысын текке кетирбей акча алып иштеп турушат. Жатак абактын башчысынын мөөнөт жардамчысы майор Элдияр Курмановдун айтуусунда, чыгарылган макарондор менен Жаза аткаруу кызматынын бардык түрмөлөрү камсыз болот. Учурда башка күч түзүмдөрүнө да сатууну сунуштап жатышат. Ошондой эле, жаңы цехтерди ачуу пландары бар.

Абактарда реформа жасоо керектигин адистер мурдатан эле айтып келишет. Буга коомчулук да колдоо көрсөтүүсү зарыл дешет. Талдоочулардын оюнча, түрмө адамдарды түз жолго салуунун ордуна, тескерисинче жашоодон жалаң жамандыкты күткөн адам кылып чыгарат.



# Кыргызстанга иш сапары менен Түркмөнстандын президенти келди

5-августта Бишкектеги "Ала-Арча" мамлекеттик резиденциясында Кыргызстандын Президенти Алмазбек Атамбаев менен Түркмөнстандын Президенти Гурбангулы Бердымухамедовдун эки тараптуу жолугушуусу болду. Жолугушуу тар жана кеңейтилген отурумда өттү.

Жолугушуулардын жүрүшүндө мамлекет башчылар Кыргызстан менен Түркмөнстандын ортосундагы саясий диалогдун өнүгүшү жана маданий-гуманитардык, илимий-техникалык, соода-экономикалык, мунай-энергетикалык багыттарда, транспорттук чөйрөдөгү кызматташтыктын келечеги жөнүндөгү маселелерди талкуулашты. Ошондой эле регионалдык коопсуздук тууралуу да сөз болду.

Атамбаев урматтуу конокту ызааттап, анын биздин өлкөгө келгенине ыраазычылык билдирди. "Сизди көргөнүмө кубанычтамын. Сиз биздин чакыруубузду кабыл алып, жолугушууга келгениңизге чоң ыраазычылык билдирем. Биздин бул жолугушуубуз жаңы этапты белгилеп, кыргыз-түркмөн мамилелеринин өсүшүнө салым кошот", - деди А.Атамбаев.

Кыргызстан менен Түркмөнстандын ортосундагы мамилелер 1992-жылы 9-октябрда түзүлгөн. Кыргызстандын Ашхабаддагы элчилиги 1994-жылы ачылган.

Мамлекеттердин пресс-кызматтарынын башчылары билдиргендей эки өлкөнүн ортосундагы саясий кызматташтыктагы маанилүү окуя болуп, А.Атамбаев 2014-жылдын 10-11-ноябрында Түркмөнстанга расмий сапар кылган.

"Өткөн жылы эки тараптуу товар алмашуу 50 пайыздан жогору болду. Биздин өлкөлөрдүн ортосундагы соода – экономикалык тармакта потенциал бар. Бул тармактагы кызматташтыкты биз мындан дагы өөрчүтөбүз", – деди өз сөзүндө түркмөнбашы.

2015-жылы 5 ай ичинде Кыргызстан менен Түркмөнстандын ортосундагы товар алмашуу 4,2 млн. доллар болгон. Анын ичинден экспорт 2,5 млн. доллар, импорт 1,7 млн долларды түзгөн. Түркмөнстанга болгон экспорттун негизин ысытуучу электр лампалары, автоунаалардын тетиктери жана авиакеросин түзгөн.


# Кыргызстан-Казакстан бажы тосмолору ачылат

Жакынкы күндөрдө Кыргызстан-Казакстан бажы тосмолору салтанаттуу ачылат. Бул тууралуу премьер-министрдин басма сөз кызматынын жетекчиси Назира Ахмедова "Кабар" агенттигине билдирген.

«Эртең Кыргызстан-Казакстан бажы тосмолору салтанаттуу түрдө ачылат. Кечээ Казакстандын президенти Нурсултан Назарбаев Кыргызстандын Евразия экономикалык биримдигине кирүү нотасына кол койгон. Буга байланыштуу премьер-министр Темир Сариев эмгек өргүүсүн убактылуу токтотту. Муну Кыргызстандын жарандары көптөн бери күтүп жаткан», – деди Назира Ахмедова.




## Алманбет Анапияевдиен агасы пара алып жаткан жеринен кармалды



Кечээ, 4-августта КР өкмөтүнө караштуу экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча инспекциясынын Ош шаары боюнча башкармалыгынын башчысы Галмамат Анапияев кармалды. Бул тууралуу Ош шаардык ИИБинин маалымат катчысы Замир Сыдыков билдирди.

Ал Ош шаардык ички иштер башкармалыгынын 5-бөлүмүнүн кызматкерлери тарабынан 1000 доллар пара талап кылып, анын бир бөлүгүн, 30 миң сом өлчөмүндө пара алып жаткан учурда кармалган. Ички иштер башкармалыгынан билдиришкендей, Г.Анапияев Ош шаарынын 26 жаштагы тургунунан тендерден утуп алган курулушун текшербөө үчүн 1000 доллар талап кылган. Учурда ал Кылмыш-жаза кодексинин 94-беренеси менен 48 саатка кармалды.

Г.Анапияев Ош шаарынын экологиялык жана техникалык коопсуздугу боюнча мамлекеттик инспекциясынын кызматкери болуп иштеген.

Ал үстүбүздөгү жылдын 27-февралында биринчи жолу иниси Алманбет Анапияевди ким өлтүрүшү мүмкүн деген суроого жооп берип жатканда эл көзүнө көрүнгөн. Анын айтымы боюнча Белорусияда иликтенип жаткан иш-чаралардын учурунда белгилүү болгондой бул өлтүрүүгө Гүлжигит Абилазизовдун да тешеси бар деген. "Бул атайы уюштурулган кылмыш. Биз бул ишти акырына жеткиребиз", – деп айтканы көпчүлүктүн эсинде.

# М.Тайжан: **Орус тилдүү казактардын да казак тили үчүн жүрөгү ооруй баштады**

Биз казак тилинин кыргыз тилине караганда келечеги жаркын деп ойлойбуз. Казак экономикасы Орусиянык менен тең тайлаша алат деп эсептейбиз. "Жоо кеткен соң, кылычыңды ташка чап" деп, тетири карап жатып алсак болот. Бирок казак серепчиси Мухтар Тайжандын ойлорун окуган соң чыныгы күрөш али алдыда экенин түшүнөбүз

МУХТАР ТАЙЖАН

### Бажы биримдиги – орус өндүрүүчүлөргө биргелешип ыңгайлуу шарт түзүү дегендик

Саясий интеграция экономикалык интеграциянын артынан ар дайым калышпай ээрчип жүрөт. Бул эл аралык мамилелердеги аксиома болуп саналат. Ушинтип китептерде жазылса, биз муну Евробиримдиктин мисалынан, азыр болсо, биздин Орусия жана Белорусия менен болуп жаткан интеграциядан байкап жатабыз. Биздин интеграциябыз Бажы биримдигине киргенден башталып, сырткы соода саясатын бирге жүргүзүп жатабыз. Эми болсо Евроазиялык экономикалык биримдигинде жалпы ички экономикалык саясат баштадык. Кийинки бекет Евразиялык биримдик болот! Азыртадан эле жалпы парламенттик ассамблея, бирдиктүү валюта түзүү сунушталып жатат. Европа менен болгон интеграциянын жалпы тепкичтерин аңдабай жатасыздарбы?

Интеграция деген сөз ар кандай бөлүктөрдүн жалпы бир бүтүндүккө айлануу процесси дегенди түшүндүрөт. Биздин башкаруучу элита муну ыңгайлуу деп түшүнүп, суверендүү экономикалык укуктарыбызды ойлонбостон Бажы биримдигинин комиссиясына өткөрүп берип жатат. Бул биримдигибизде Евробиримдиктен айырмаланып үстөмдүк кылган өлкө бар. Россия Казакстандан экономикалык жана демографиялык жактан он эсе үстөмдүк кылат. Ал эми Белорусиядан 34 эсе чоң. Белорусия финансылык жактан Москвага катуу көз каранды.

Эл аралык мамилелердин теориясы экономикалык интеграциядан даражасы бирдей экономикалар бириккенде жана бирдей даражада аралашкан болсо гана оң натыйжа бериши мүмкүн деп эсептейт. Ошондо гана интеграциянын мааниси болгон эл аралык атаандаштыктан улам товарлардын баалары төмөндөп, сапаттары жакшырат. Бизде кандай болуп жатат? Казакстандын Орусия менен атаандаша алгандай эч нерсеси жок? Бизде даяр продукция чыгарган өндүрүш дээрлик жокко эсе. Ал эми Россияда болсо, каалаган нерсең өндүрүлөт. Ошондуктан ал өзүнүн өндүрүүчүлөрүн бажыдагы жогорулатылган пошлиналар менен коргоп турат. Биз эми ЕАЭБдин аймагында орустун өндүрүүчүлөрү үчүн гана ыңгайлуу шарттарды түзүп жатабыз. Биз Бажы союзуна кошулуубуздан улам пошлиналар 2–3 эсеге көтөрүлүп кетти. Бул себептен өлкөнүн ичиндеги ички баалар да өсүп кетип жатпайбы.


Сүрөт ▸ Азаттык

### КМШ өлкөлөрү өз каалоосу менен ЕАЭБге кошулганына ишене бербейм

Россия менен болгон интеграцияны актоо максаты үчүн жаратылган Кытай деген дагы бир геосаясий мокочо бар. Мен эки жыл бою Кытайдын эл аралык ролу тууралуу магистрдик ишимди жаздым. Кытай Түштүк–Чыгыш Азияны өзүнүн турмуштук кызыкчылыгынын аймагы деп эсептерин билем. Кытайды өзүнүн экономикалык өсүшү үчүн биздеги энергетикалык ресурстар гана кызыктырат. Ал өзүнө керектүү нерселерин сатып алып, ээ болуп алды. Эми магистралдык куурларды куруп жатат. Басып алчу аймак катары биз аны кызыктырбайбыз. Синцзян жана Тибет менен болгон маселеси өзүнө жетиштүү. Өлкөдөгү кембагалдары менен чечишип алса жакшы болот ага. Кытайдын кредиттерин өзүбүз кекиртегибизге чейин алып алдык, зордоп берген жок. Биз менен экономикалык интеграция кылуу Кытайды кызыктырбайт. Биздин рыногубуз алардын көп шаарынан кичирээк тик кылат.

Эмне үчүн бирдиктүү бажылык саясат эл аралык кызматташтыктын популярдуу эмес формасы болуп эсептелет? Анткени өлкөнүн Бажы кодекси, сырткы соодадагы өздүк саясат – мамлекеттин экономикалык саясатынын негизги рычагы. Сырткы соода саясатынын баары ички экономиканын өзгөчөлүгүнө карата тууралана т. Эгерде өлкөдө өндүрүүчү болсо, анда аны коргош керек. Бутуна турса, эл аралык атаандыштыкта такшалсын деп, ал өндүргөн товарга бажы тарифтерин азайтыш керек. Эгерде бул тармакта өзүбүздүн өндүрүүчүбүз болбосо, бажы ставкасын таптакыр алып салуу керек, бул товарга жогору баа коюунун эмне пайдасы бар?

Ошондуктан ар бир өлкөнүн өз экономикасынын кызыкчылыгына ылайыкташкан сырткы соода саясаты бар. Мен ошон үчүн КМШнын башка өлкөлөрү биздин ЕАЭБге өз көңүлдөрү менен өтүп жаткандыгына күмөнүм бар.

### Улуттук өзгөчөлүктү сактап калыш үчүн экономикалык суверинитет болуш керек

ЕАЭБде документтер кайсыл тилде болмокчу? Учурда кайсы тил бул аймактарда үстөмдүк кылат? Биз 20 жыл бою суверендүүлүктүн шарттарында казак тилин де-факто мамлекеттик кыла албадык. Орусия менен интеграциялашкан шарттарда эми муну ишке ашырыш оңойураак болобу?

Дүйнөдө азыр өлкөлөр блокторго бирикпейт. Бул дагы эле бир ойлоп чыгарылган далил, миф. NAFTA – ЕАЭБ эмес, ал болгону эркин соода жүргүзүүнүн зонасы. ASEANды Эркин соода жүргүзүү зонасы деп да айта албайсың. Африкалык, араб, латын уюмдары дагы ЕАЭБ сыяктуу эмес. Бардыгы өздөрүнүн улуттук өзгөчөлүгүн сактап калыш үчүн экономикалык суверинитетин коргоп турушат. Азыркы учурда реалдуу бирдиктүү бажы саясатын жүргүзгөн уюм бул Евробиримдиги, бирок ал дагы ыдырап кетейин деп араң турат.

Мен кызматташтыкты, өнөктөштүктү, достукту колдойм, бирок интеграция дегендик – бир бүтүн нерсеге айлануу дегендик. Биз мурунку метрополия менен биригип жатабыз. Ширелишип жаткандардын бирөө экинчисинен 10 эсе кичирээк болсо, жалпы организмдин кандай болору түшүнүктүү да.

### Биз Орусиядагыдай тил мыйзамын кабыл алсак, улутчул болбойбуз

Мен орус тилдүү окурманга казактын көз карашын жеткирүүнү өтө керектүү жана коомдук жактан пайдалуу деп эсептейм. Себеби кош тилдүүлүк бизде көбүнчөсү казактардын прерогативасы эмеспи. Орустар жана орус тилдүүлөр жалпысынан алганда казакча билишпейт. Ушундан улам казак прессасын окушпайт. Демек, казак жана орус дүйнөсүн бириктирбеген коомдук кан тамырлар бар. Мен муну коом үчүн өтө коркунучтуу деп эсептейм. Ошондуктан керек болгон учурда казактын ойлорун мен атайын орусча угузганга аракет кылам.

Бизге улутчулдар, улутчул-патриоттор деген клишелерден арылууга мезгил келип жетти. Эмне үчүн Россияда орус тилин коргогондорду патриоттор, баатырлар деп атап жатышат. Ал эми биз Казакстанда казак тилин коргосок, бизди улутчулдар, улутчул – патриоттор, кээде ашынган улутчулдар деп аташат. Бул дагы эле болсо империялык өтмүштүн калдыгы сыяктанат. Совет учурунда гана бизде улутчулдук үчүн жазалап, керек болсо, атып да салышкан. Ал эми бүгүнкү күндөрдө биздин көчөлөрүбүз кечээки улутчул делгендердин наамын алып калды.

Биз Казакстанда мамлекеттик тил жөнүндөгү мыйзамды так эле Орусиядагыдай кылып кабыл алсак эмне болот? Ал документтеги "орус тили" дегенди "казак тили" дегенге алмаштырып коёлу. Андан сырткары орустардын "Русский язык"деген программасына аналог болгон "Казак тили" деген мамлекеттик программаны кабыл алалы. Мен Орусиянын бул эки документин окуп чыктым. Экөө тең мага жакты.

Дүйнөдө тил тууралуу мындан дагы катаал мыйзамдар жана программалар бар. Мен Армения, Молдавия, Өзбекстан, Франция жана Норвегиянын мыйзамдарын карап чыккам. Эгерде бизде алардын мыйзамдарын басып чыгарса, ашынган улутчул мыйзамдар деп аташмак. Бул дүйнөлүк, анын ичинде орусиялык практика. Бул туура саясат. Антпесе улуттун уңгусун сактап кала албайсың.

### Тил саясаты өзгөрбөсө, коомдо кагылышуулар башталат

Кайраттуу Орусия Федерациясы турганда орус тилине эч кандай коркунуч жок. Корей тилине дагы эч нерсе коркунуч жарата албайт. Анткени корейлердин эки мамлекети бар. Ал эми биздин казак тилин мамлекеттик саясат менен колдобосо, ал эч жерде сакталбай калышы мүмкүн. Бул дүйнөлүк практика. Эмне үчүн биз муну Казакстанда кайталаганга укугубуз жок. Орус тили БУУнун расмий тили болуп саналат. Орус Федерациясынан тышкары менимче Кыргызстан менен Белорусияда гана расмий тил болуп саналат. Ал мындан алысраак деле кеткен жок. Биздин Конституциябызда азыр орус тили расмий тил, мамлекеттик тил менен катар колдонулат деп жазылып турат. Ал эми чындыгында орус тили мамлекеттик тилдин ордуна колдонулуп келет. Өкмөттүн мүчөлөрү, жогорку макамдагы мамлекеттик кызматкерлер, эл өкүлдөрү мамлекеттик тилде сүйлөбөгөнүн дүйнөнүн дагы кайсы жеринен көрсө болот? Мамлекеттик тилди коргоо митингин өткөрүүгө дүйнөнүн кайсыл мамлекетинде эл барбаган жерди беришет? Биз бул абалга ыраазы боло албайбыз!

Мен биздин идеологдорду улуттук, анын ичинде казак тилине болгон саясатты өзгөртүлө деген ойду жеткиргенге аракет кылып келем. Азыр өлкөдө казактар 70 пайызды түзөт. Орус тилдүү казактардын дагы казак тилинин келечеги үчүн көңүлдөрү ооруп жатат. Эгер саясат өзгөрбөсө, коомдук кагылышуулар башталуусу мүмкүн. Анда абал эволюциялык жолдон чыгып кетиши мүмкүн. Бул кимге керек? Коомдук өзгөрүүлөргө өз убагында көңүл буруу зарыл.



# Кайтчу асылыбыз кайсыл?

Геосаясий оюндар күчөп, ар бир ири актёр өзүнүн оюнун бизге таңуулап турган чак. "Асыл асылына кайтат" деген сөз бар. Орустун акыркы көрүнүктүү философу Зиновьевдин да "Эгер кийин келген нерселер элдин маданиятынын асыл пайдубалына таасир бере албаса, эл анын үстүнө курулган нерселерди уратып, кайра пайдубалдан баштайт" деген мааниедеги сөзү бар. Биздин асылыбыз, чыныгы пайдубалыбыз эмне эле?

ЖАНСАКТА САРБАШОВ


Дүйнө элин караңгылыкка, эгоизмдин тар капасына камагысы келгендердин аракеттерине карабастан илгерилөө мүмкүн сыяктуу. Өзүбүзгө жарашпаган, ата-бабабызды иренжиткен мындай нерселерди алардын аркасынан кайталоонун, алар колдонгон тил жана ыкманы колдонуунун кереги жок. Мындай сыпаттар бизге жукпайт, жарашпайт дагы. Акылман айткандай, "Башкалар жааларына уулуу жебелерди кере баштаганда, силер гүлдүү жебелер менен даяр болгула. Анткени сени душман көргөн адам, эртең ал балким сенин досуңа айланат".

Кыска мөөнөттүү максаттар үчүн башчыларыбыз баштап элди бөлүп жарууччу сөз, аракеттерге өткөн кезде, жиктерге айрылып бара жаткан биримдикти бекемдөө балким чейрек кылымды алышы мүмкүн. Илим, технология берген мүмкүнчүлүктөр "кошумча эффект" катары өзү менен бирге ар бирибизде менменсинүү сезимин күчөтүүдө. Ар бир адамдын менменсинүүсү буга чейин бир томурум муз сымал болсо, азыр айсберг абалына келүү потенциалына ээ. Билгенибиздей, айсбергдердин эриши жылдарды талап кылат.

XX кылымдагы түрк ойчулу Нежип Фазыл бул заманды эгоизм, эгоцентризм, нарцисцизм заманы деп аныктаган. Кыргызчасы менменсинүү, эгосун дүйнө өзөгүнө айлантуу, өзүнө суктанып сыймыктануу десек туура болот го. Учурда "селфи" сүрөт ыкмасы балким ушул сезимдердин практикага ашканынын эң жөнөкөй мисалыдыр. Ошондуктан мындай сезимге алдырган адамдарга өз тилинде жооп бере баштасак, коомдук жашоонун бардык тармагында кызыл-кыргын башталат. Жиктерге айрылуулар уланып кете берет. Жараткан "Кудайга ишенгендер – бир-тууган" деп айткан, "кулаалы таптап куш кылган, курама жыйып журт кылган" ата-бабаларыбыз буга ыраазы болбойт. Асылыбызга кайтмайынча башка бирине кызыктуу болуп, аларга бир нерсе түшүндүрүү мүмкүндүгүнө ээ боло албайбыз.

Манас бабабыздын кең пейилдиги, жоомарттыгы кээ бир жаштарыбыздын көңүлүндө кайра орун таба баштаганда "эмнеден кайра болбосун" деп ойлоп кетет экенсиң. Кыбыланын төрт тарабы кыргыз кыз-жигитине кайра ачылып жаткан кезде бул кайра мүмкүн болчудай көрүнө баштады.

Манас бабабыздай болуп, өз эмес, өзгө элди бириктирген деңгээлге качан жетебиз? Сырттан, башка улуттун көзү менен караганда биз өз кыздарыбызды сабап, басынткан, тергөө-сотто жаранды тоноп, жылаңач калтырган, саясатта калыш үчүн бири-бирибизди соодалап саткан элбиз. Кызыл-тазыл нерселер ар жерде кубулуп, көңүлдү ала качып турган бул чакта Жараткан берген бардык мүмкүнчүлүктөрдү эң негизги нерселерге бекем байлабасак, эң кичине иштин да аягына чыга албайбыз. Бул негизги нерселер кайсылар экенин өзүбүздүн эгоцентризмибизди ашып өтүп, "эскилик" деп жерип аткан, ата-бабабыз бекем кармап, эпос-дастандарыбыздын өзөгү кылып, каада-салтыбыз, үрп-адаттарыбыз менен коздогон салттуу Ислам динибизге кайтып келмейинче мүмкүн эмес. Ойчул, кең пейил жана эр жүрөк ата-бабаларыбыз эмнеге бул динди бекем кармап, бороонду күндөрдө "ак ийилет, бирок сынбайт" деп көзүнүн карегиндей сактап келгенин түшүнмөйүнчө биз өзүбүз эч качан бириге албайбыз. Башка улуттарга да тынч, коопсуз коргон болуп бере албайбыз.



## Жакшылык менен жамандык

Жаз маалы күчкө кирген кезде чоң ата небереси менен отоо чөптөрдү отоп жатышты. Капыстан небере сурап калды:

– Чоң ата, биз айдабаган отоо чөп эмнеге көбөйүп кеткен. Атайын отургузган жемиштерибиз болсо, дайыма өсө албай кыйналып, эмнеге мынча колубузду кармайт?

– Айланайын, күчүгүм десе, сен баамчылдыгың менен сонун ачылыш кылбадыңбы. Бардык баалуу жана маанилүү нерселер дайыма эмгек жана убакытты талап кылат. Пайдасыз, зыяндуу нерселер болсо, өзү эле өсүп чыга берет. Ошону үчүн ата-бабабыз "Жакшы болуу аста-аста, жаман болуу бар паста" деп айткан.

## Жакшылык күтүү



Убагында бир шакирт устатынан минтип сурантыр:

– Жакшылыкты качанкыга чейин күтөбүз?

– Күтүү менен гана алек болсок, көпкө күтүп калабыз го.

## Манастан үзүндү

Маңдайыма келгенди,
Башка салса көрөйүн.
Тирүү колго түшкөнчө,
Кармашып жатып өлөйүн!
Ээрчиткеним кырк чоро,
Энем бирге ошондо.
Бура тартып булакка,
Колду сууга салгамын.
Кол дааратты алгамын,
Бутту сууга салгамын,
Бут даарратты алгамын.
Тулпарды оңдоп токуштук,
Өлгөнгө ыйман берсин - деп,
Тирүүлөй куран окуштук.
...Карап туруп Алмамбет
Кан Манаска кайгырып,
Каңырыгы бек түтөп,
Ителгидей эки көз
Ирмебестен жаш алып,
Кайра карап Алмамбет
Жашып турду коңгурап:
«Ысылам журттун коргону
Досум Манас барында,
Эче-эче кыйынга
Жол саламын дечү элем.
Кытай эмес, кылымга,
Кол саламын дечү элем!
Кубангандан курган жан,
Көңүл кайнап толгонбу!
Ошол оюм кокустан,
Өзүмө кесир болгонбу!
Кылчайбай жоого киргенде,
Кыраанным Манас турганда,
Беттешкенди жечү элем.
Береним Манас барында,
Өлүм жок мага дечү элем!
Кыясы кымбат жер болсо,
А түгүл агып кеткен сел болсо,
Кыстап келген кол болсо,
Алдымда Манас барында
Асман менен кара жер
Чаң чыгарам дечү элем.
Канча кыйын болсо да,
Чаңга аралаш салышып,
Кан чыгарам дечү элем».
«Бүгүн көргөн эртең жок,
Ушундай бетпак алдамчы,
Опосуз жалган дүйнө - чок!»



# Г.Исаков: “Биз шайлоонун жыйынтыгын тааныбашыбыз мүмкүн”

Кыргызстандын келечегине зыян же пайда берген маселелерде партиялаштарын, партиясынын лидерлерин туура багытка үндөй алган саясатчылар менен диалог куруу максатында “Саясат самоорун” кайнатып жатабыз. Бул жолу “Мекен ынтымагы” партиясынын жаш лидерлерининин бири, Шабдан баатыр ажы атабызды өз тарыхына кош көңүл режиссерлордон коргоп келе жаткан Кара-Кулжабыздын кулуну, жаштыгына карабастан көптү көрүп, окуяларды туура баамдаган Гүлжигит Исаков менен маектештик

**– Парламенттик шайлоого аттанган партияларды Турат Акимов деген серепчибиз “Олигархтардын партиялары, бийликти бергиси келбегендер жана 2017-жылкы президенттик ат салышууга катышуу үчүн оппозицияга ооп, азыркы президентке нааразыларды айланасына топтоп жаткан топ” деп үч тайпага бөлүптүр. “Мекен ынтымагы” партиясы кайсыл топко кирет, кайсынысына жакын?**

– Биз бул партиялар тууралуу анализ жүргүздүк. Катышам деп аттанган 34 партиянын болжол менен 10-15и аманат акчасын тапшырып, тизмесин берип жарышка кирет. Ар биринин белгиленген орду, ошого жараша ролу бар. Калган партиялар, акысыз жарнак үчүн Боршайкомго арызын беришти. Азыркы бийликке жаңылардын келгенинин кереги жок, анын толгон-токой себептери бар. Ошондуктан бийлик тарабынан белгиленген төрт топ бар. Азыркы аткаминерлер саясат айдыңын электораттын талабына жараша толук ээлегенге аракет кылышты.

Биринчи топко албетте административдик ресурс менен күчтөндүрүлгөн өздөрүнүн партиясы. Ажобуз мыйзамды сыйлабастан, КСДПны “президенттин партиясы” деп айтты. Биринчиден, Президент эч бир партияга тартпашы керек эле. Экинчиден, өзү шайлоону жарыялаган соң, үгүт иши токтотушу керек эле. Партиялардын билборддору алынышы керек эле. Эгер албаса, айып пул салынат же шайлоодон четтетилет. Кенебестен жарнактарын албагандыгы кийинки эки нерседен кабар берип турат: же сот системасы толук баш ийип берген президенттен бата алган, же болбосо 100 миң сомдук айып пулду төлөп коём дегендик. Бирок биринчиси чындыкка жакын деп ойлойм, анткени айып пул менен чектелбей, шайлоодон алып коюу мүмкүндүгү бар.

Экинчи топ – бийлик толук көзөмөлдөй алам деген партиялар. Бул “Республика – Ата Журт”, “Өнүгүү”, Бүтүн Кыргызстан – Эмгек” же “Бир бол” сыяктуу партиялар. Булар да ажонун батасын алган. Булардын тегерегине “Бул жерге чейин барсаң болот” деген чек чийилген. Чийилген чектен ашпаса буларга тийишпейт. Ошол чектин ичинде каяшасын айтып, жамандаса болот. Чектен ашып баратса, ар бирине компромат бар. Жакында “Өнүгүүнү” УКМКга чакырып айыл чарба техникалары боюнча эскертүү беришти. Демек, бир жерде жаза басты. Бул топтогу партия лидерлеринин баарынын талуу жерлери бар. Мисалы, Аскар Салымбековго “Көп эле партия ачтыңыз эле, эмнеге дагы бирди ачтыңыз” деп суроо беришкенде “мен “биринчи ач” деген соң ачып койдум да “ деген жылмайып. Бул долбоор партиялар экени айдан-ачык.

Үчүнчүсү – олигарх партиялар. Мурун “Замандаш” болсо, аны алсыратып туруп, “Кыргызстанды” чыгарып жатышат. Партиясыз калган олигархтарды бир жерге топтоп туруп, аларга 10-30 миң кишилик стадиондорго элди топтоп, үгүт кылганга уруксат берип жатат. Бул аларга өзгөчө бата берилгенинин көрсөткүчү.

Төртүнчүсү – жасалма радикалдуу оппозиция. “Ата Мекендин” лидери менен президент канча урушуп тытышса да, чогуу кылган иштери бар. Бири-биринин айыптарын, кылмыштарын жакшы билишет. Булар бири-бирин чукулап кирсе, бир кемеде болгондуктан баары кетет. Кетпеш үчүн чеке белиндеги бир нерселер менен айтышып, коомду эки полярдуу кылып, КСДПга ыктагандар ал жакка ооп, ага толугу менен каршылар бул жакка ооп добуш бергендей кылат. Элдин добушу башка оппозицияга ооп кетпеши үчүн айдыңды толук ээлеп жатышат.

Аты тааныла элек партиялардын дагы өзүнүн ролу бар. Булардын добуш чачыратуучу өзүнчө бешинчи топ десек болот. Башкача айтканда, элдин башын айлантуучу партиялар. Саясий кабарларды дайыма карап турган серепчилердин башы айланган соң, карапайым элди айтпай эле кой. Мындай адам эң көп көрүп-уккан партияга же ким келип жумшак сүйлөп, акча бере койсо ошого добушун карматып ийет. Биздин “Мекен ынтымагы” партиябыз эч бир тарапка кошулбай, эч кимдин батасын албай, өлкөнүн келечегин ойлогон жарандын добушун максат кылган партиябыз. Биз деле башка партиялар менен чогуу шайлоого баралы дегенбиз. Салымбеков, Мадумаров, “Өнүгүү”, “Замандаш” партиялары менен жолуктук. Биз аларга “Силер өз максатыңарды аткардыңар, ошондуктан биздин партиянын ичинде биздин принцип, программа менен катышкыла” десек, “Кийин дагы сүйлөшөбүз” деген бойдон кетип, кайра келишкен жок. Коомдук иликтөөлөрдү жүргүзгөн адамдар “Мекен ынтымагы” дайыма аталган, эл кызыккан партиялардын арасында орун алып келет деп айтууда.



Мында биздин лидерибиз Темирбек Асанбековдун өзгөчө салымы бар. Себеби ал алыскы бир айылда 30 адам күтүп жатат десе деле бара берип, беш жылда көп адамга жеке таанылды. Экинчи себеп – мунун тетириси. Кайда барбасаң таанылган адамдардын сүрөтү илинип, теле-радиодон кайра ошолор сүйлөй берсе, эл алардан тажай баштайт экен. Анан оңго-солго ообой, бир позицияда турган да өтө маанилүү.

**– Чолпон Жакупова деген күчтүү укукчу эжекебиз бар. Президентибиздин “Нарынбаевдин ишин токтотуп коё алмакмын..., ал жакшы иштеди..., Александр Ким – кидала..., журналисттер энем менен агамды көргө киргизди...” деген сөздөрү сот системасынын ким тарабынан көзөмөлдөнгөнүн көрсөтүп турат дейт. Чындыгында коомубуздун эң аксаган жери – сот системасы. “Мекен ынтымагынын” бул көйгөйдү чечүүдө кандай сунуштары бар?**

– Бир нерсени оңдоо үчүн ага таасир бере алган рычагдарга ээ болуу шарт. Бул рычагдарга ээ болбой туруп, так жооп айтуу кыйын. Ошентсе да, ниетибизди билдирип коёюн. Биз укуктук өлкөбүз. Президенттин сот өкүмү чыга элек эле мындай билдирүүлөрдү кылганы сот ишине кийлигишкендик. Мыйзам иштебегендиктен же тандалма иштегендиктен кээ бир коррупционер жана туура эмес кадамдарга барам дегендерге дем берилип атат. Бир тараптан “Балык башынан сасыйт” деген, экинчи жагынан “Эл кандай болсо ошондой башкарылат” деп айтылган акыйкаттар бар. Биздин колго бийлик тийсе, эң биринчиден соттук реформа жүргүзөбүз. Эмнеге дегенде коомдо бир эреже аныкталып, ошону коомдун ар бир мүчөсү карманбаса, кандайдыр бир системалык өзгөрүүлөр тууралуу сөз кылганга болбойт. Бийликке ким келсе, ошого ыктатылып чыгарылган соттук чечимдер коомдук деградацияга алып келет. Биздин спикер баланча мыйзам кабыл алдык дейт. Бул жакшы иштин көрсөткүчү эмес. Бир өнүккөн өлкөдө парламенти 5 жылда 25 мыйзам араң кабыл алыптыр. Мыйзам жөн эле эмес, муктаждыктан улам чыгарылат. Эски мыйзам жаман болсо да, такалган жерине чейин аны иштетиш керек.

**– Азыркы шайлоолорго даярдык мыйзамдын чегинен чыгуу менен коштолуп жаткансыйт. Эксперттер партиялардын көп акча коротуп жатканын айтууда. Сот чечимдери шек жараткан ушундай учурда бийликке жетем деген чоң үмүтү бар топтор куру жалак калса, кандай кадамдарга баруусу мүмкүн? Сиздер кандай аракет кыласыздар?**

– Бул шайлоолордо эң чоң көйгөй биометрика боюнча добуш берүү болчудай. Анткени Конституция боюнча добуш берүү эч нерсе менен чектелбеши керек. Жанагы биз башында бөлгөн псевдооппозиция өздөрүнө “кошумча аэродром” даярдашты. Өздөрү шайлоого катышып атат, бирок аркасына “эртең биз өтүп кетсек, унчукпай кала бересиңер, эгер өтпөй калсак, баштайсыңар” деп, бир нече бейөкмөт уюмдарды даярдап коюшкан. Булар канчалык тамырлашса да, бири-бирине ишенбейт. “Мекен ынтымагы” эң биринчилерден болуп, бул маселе боюнча билдирүү кылган. Одоно мыйзам бузуулар болсо, биз башка варианттарга барганга даярбыз. Себеби биз “боло берет да” деп кала берүү келерки беш жылда чоң жоготууларга алып барарын түшүнүп турабыз. Биз 2300 шайлоо участокторундагы добуштарды расмий жарыяланган натыйжалар менен салыштырабыз. Эгер алар дал келбесе, “шайлоонун жыйынтыгын тааныбайбыз” деген демилге менен чыгабыз.

**– Шайлоочуга кандай кеңештерди берет элеңиз?**

– Добушуңуздарды 1000 сомго сатпастан, 1 млн. сомго карызга бериңиздер. Эл үчүн куйгөн адамдар бала бакча, мектеп, пара албай окуткан ЖОЖ, коррупцияга кирбей адилеттүү чечип берген соттор менен бул аманатыңызды кайтарып берет. Бул реалдуу сунуш. Акмак адам гана беш жылда чөнтөгүмөн 1 млн. сом чыксын деп, бүгүн 1000 сом алып алат. Ар бир адам өз абалын өзгөрткөнгө аракет кылса гана жалпы коомдогу абал жакшылыкка өзгөрөт. Муну унутпайлы.

Маектешкен ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

# Кадырынан адашкан карылар

“Карысы бардын ырысы бар” дегендей, намыстуу, касиеттүү карыялар башынан салт туткан элдин туткасы, кеңешчиси болуп келген. Бирок бүгүнкү коомдо карылардын орду жоголуп, аларга болгон сый мамиле солгундап бараткандай. Бир жагынан буга заман талабы, экинчиден, карылардын өздөрүнүн жүрүм-туруму себеп болгондой

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ

Замандын өзгөрүүсү менен жаштардын аң-сезими толук калыптанбагандыктан карыяларга сый-урмат көргөзүү нарк-насили, сыйы тайыздаса, буга кошумча карылардан өз кундарын учуруп кейрендегендери да көбөйө баштады. Кары-жашы дебей коомубуздун бардык өкүлдөрү ар түрдүү сырттан келген таасирлерден жана үлгү боло алчу асыл нускалардын аз болгондугунан улам өздөрүнө тиешелүү негизги милдеттерин аткармак түгүл түшүнбөй келишет. Мунун кесепетинен барган сайын жаштарга теңелген чал-кемпирлер көбөйүп, ал эми карылар үйү болсо, күндөн-күнгө толуп барат.

Карыларды баамга албоо, аларга үнүн көтөрүп кыйкыруу же аларды кемсинтүү учурда көнүмүш адатка айланып калгандай. Ошондой эле бүгүнкү коомдо карыган адамдын кадыры жоголуп, жаштар аларга көңүл буруп, кароодон качып калышкан. Баласынын келечекте жакшы адам болуусун каалап, муздакта жылуулук, ысыкта көлөкө болуп берген ар бир ата-эне карыган маалында төрдө өз баласынын колунан чай ичип олтурбастан, карылар үйүндө күн кечирип каларын биле бербесе керек.



Бишкек шаарынын карылардын интернат үйүнүн мүдүрү **Абдылдаева Эркингүль** айымдын айтымында, карыларды интернат үйлөргө балдары, туугандары өздөрү алып келип таштап кетишет. “Биздеги карылардын көбүнүн бул абалга келгени ачык-айрым эмес. Кыргыздарда “Баягы неме карылар үйүнө түшүп калыптыр” деген куру намыс бар эмеспи, ошол себептен карылар балдары менен эле сүйлөшө беришпейт. Булар менен иштеп жатканда эң негизги кыйынчылык – алардын түрдүү кыялдары. Алсак, өз балдары менен жашап жаткан эле кары-картаңдар учурашпай, куттуктабай койду, чалбай калды деп, кичине нерселерге таарынышат. Ал эми бул жактагылар бир жагынан карылык жана бир жагынан тагдырдын оор түйшүгүнө кабылгандар, жакындарынан айрылгандар. Бири балдарына таарынса, бири үйүн алдырып жибергендер, өмүр бою турмуш курбагандар, кыялынан элге батпай калгандар дегендей. Эми ушулардын кыялын көтөрүп, алар менен иш алып баруунун оордугун элестете бериңиз,”-дейт Эркингүл айым.



Карылар үйүндө 8 жылдан бери жашап келе жаткан 75 жаштагы **Дуваш Калназаров** убагында СССР жазуучулар союзунун мүчөсү болуп эмгектенгенин айтат: “Бул жерде 8 жылдан бери жашап жатам. Эркек бала көрбөдүм. Эки кызым бар, алар Сокулукта турушат. Кемпирим каза болгондон кийин кыздарыма тоскоол болбоюн деп, бул жакка баса бердим. Мен алардын үй-бүлөсүнө жолтоо болгум келген жок. Айталы, алардын күйөөсү ичип келсе, мен кыздарыма болушам, анан чыр чыгат дегендей. Башында бул жерди эч кимге айтпай келип караштырып кеткем. Кийинчерээк бул үйдө жашоону чечтим. Азыркы тапта тирүү өлүк болбоюн деп китеп жазам, ырларды чыгарам, айтор эрмегим бар,”- дейт жазуучу. Дуваш чоң атанын жазган бир топ чыгармалары, эмгектери бар. Алсак, ал “Манасты” орусчага которуп, бир канча ырлар жыйнагын басып чыгарган. Бир китебин жазып бүтүп, аны сатып, кайра экинчи китебин чыгарган. Бул чоң атанын учурда саяктар жөнүндө “Урпактар үнү” деген китебин жазып жаткан маалы. Жазуучунун айтымында бул анын акыркы китеби болот.



Ушул эле карылар үйүндө жашап жаткан 83 жаштагы **Ысмат Ибрагимов** аттуу чоң ата жаштыгымда жаштыкка салып ойноп жүрө берип, олуттуу нерселерге көңүл бурбаптырмын деп, кебин кийинкиче улады: “Мен 1932-жылы туулгам. Союз убагында кыргыздар оңойчулук менен үйлүү боло албаган. Мен болсо, жаштык кылып, “Үй бүгүн болбосо, эртең болот” деп жүрө бергем. Кийинчерээк жылдардын өтүшү менен үй алуу кыйын болуп калды. Үй-бүлөм, үйүм жок болгон соң бул жакка айласыздан келдим, туугандарыма батпай калдым”.

Илгери “Аксакалдар кеңеши”, “Аксакалдар соту” деген түшүнүктөр байма-бай айтылып, карылардын сөзүнө, чечимине өзгөчө маани берилип, жаштар аларга карап түзөлөр эле. Ал эми азыр болсо, аксакалдардан үлгү алуу кыйын маселеге айланды. “Заманың бөрү болсо, бөрү бол” дегендей турмуш мектеби болгон карыларыбыз жаштарга үлгү болбостон, кайра алар менен тең тайлашып, коом ыргагына жараша карай тез өзгөрүштү. Кары-жашка бирдей тайсаңдаган, аракка өзүнөн-өзү алдырган, кыз-келиндерге көз кыскан айрым жөнсүз карылар бар. Ошондой эле карыларыбыздын айрымдары саясатташып, баталарын сатып, өз кадырын өздөрү түшүрүштү. Алардын айынан коомдо “Дүжүр чалдар” деген түшүнүк да пайда болду.

Гезитибизде Суусамырда айылдык кеңештин депутатынан катуу таяк жеген адам тууралуу материал чыккан. Макала жарыялангандан соң, таяк жеген адамдын иниси тергөө жана сот системасынан түңүлүп, кеңеш сурап келиптир. Биз ал жигитке “Айылдын Аксакалдар сотуна кайрылбайсызбы” десек “Азыркы аксакалдарды эч ким киши катары көрбөйт экен, сөздөрүн депутат эмес, жаш балдар укпайт” деди. Бул окуя азыр карыялык жашка чыккандардын кадыры айылда да өтө эле төмөн экенин дагы бир жолу далилдеди.

Улгайган жаш курагына карабастан, жаштардай кийинип, өзүн алып жүргөн Качкын мырзаны сындаганы да, кабыл алганы да бар. “Жаштардан калбаш керек” деген бул чоң ата “Бишкектин эң саркеч абышкасы” деген атка конгон.

“Адамдар мага таң калыштуу көз караш менен караса таң калам. Мен дагы башка адамдар сыяктуу эле адаммын. Хоббим сүрөт тартуу, ошондой эле музыка укканды жактырам. Алсак, Крис Ри, Майкл Жексондун ырларын жактырам. Менин оюмча жаштардан калбаш керек. Досторумдун да көбү жаштар. Эс алганды жактырам, түнкү клубдарга барып, же болбосо табият койнунда дегендей,”- деп интервью берген ал интернет сайттардын бирине.



Сүрөт ▸ Limon.kg


**“Жаштардан калбаш керек” деген Качкын чоң ата “Бишкектин эң саркеч абышкасы” деген атка конгон**

> Азыркы аксакалдарды эч ким киши катары көрбөйт экен, сөздөрүн депутат эмес, жаш балдар укпайт

Психологдордун айтымында, адамдар карыган учурда психологиялык жана эмоционалдык жактан өзгөрүүлөргө дуушар болушат. Бир убакта аларга муктаж болгон балдары эми аларсыз эле жашай бере турганын көргөндө аларда алсыздык, эч кимге керексиз болгон сезимдер пайда болот. Жалгыздыктан корккон карылар жакындарынан көбүрөөк көңүл бурууну талап кылып, жаш бала мүнөзүнө кайта башташат. Ал эми айрымдары болсо, карыгандан коркуп, жаштардан калбоого аракеттенип, жоосунсуз жоруктарды жасай башташат.


Албетте, “карылардын баары бузулуп, коомду артка сүйрөөдө” дегенден алыспыз. Араларында салтыбызды аздектеп, жаштарга өрнөк болгондору да жок эмес. “Жолуң жаман болсо да, жол башчың жакшы болсун” дегендей, болгону аксакал карылар өз милдеттеринен, курагы берген асыл касиеттеринен алыстабай, нарктуу бойдон калса, ал эми жаштарыбызга алар да бир күнү улгайаарын эстеринен чыгарышпаса деген эле тилек.

# Алтындын капасынан кантип чыгуу керек



Бул макалада алтын стандартына негизделген, эң белгилүү, азыркы учурда көп талкууланган акча системасынын тарыхый өнүгүүсүнүн генезиси, учурдагы абалы жана перспективалары берилген. Башталышы жана уландысы №10, 11 сандарда

## Алтын стандарты социалисттик принципке алып келет



МУРАТ КОЙЛУБАЕВ
**Каржы боюнча серепчи**

Адамдар ыйгарган алтындын өзгөрбөс сапатынан улам бара-бара байкоосуздан бул металлга аны убактылуу пайдаланган муундардын бүткүл эмгеги менен капиталы чогулат. Арийне, муну Карл Маркс абдан жакшы түшүнгөн. Бирок кайсы бир себептерден улам өзүнүн эмгектеринде алтындын маңызы жөнүндө чыныгы оюн билдирген эмес. Ал эмнегедир болгону эмгекке корогон сааттардын баасына, б.а., товарлардын ички имманенттик өлчөмдөрүнүн баасы делген иш убактысына гана аныктама берген.

А.Нечволодов: “Адам Смит менен Карл Маркс өздөрүнүн теорияларына негиз кылган алтын акчасынын баалуулугунун өзгөрбөстүгү тууралуу чала ойлонууну териштирип келгенде ал турмуштук колдонууга жарамсыз болуп чыгып, урап түшөт. Бул заманбап деп каралган, бирок сөзсүз социалисттик принциптерге алып келген саясий экономиялык теориялар четке кагылганда гана адамзат жаңы чыйырларды ачат. Бул жаңы жолдор менен илгерилеген элдер акчага болгон түшүнүгүн өзгөртүү менен эле айкын жана жете алчу идеалдарга ээ болушат”, – дейт.

## Алтын барда пайыз үстөкке-босток өсө берет

Акча тууралуу жаңы түшүнүк мындайча: алтындын баалуулугу дайыма өзгөрүп турат, анткени бир өлчөмдөгү алтынга ар башка убакыт жана шарттарда адамзат үчүн бирдей реалдуу баалуулукка ээ болгон бир эле товарды аз же көп өлчөмдө сатып алса болот.


Демек, адамзаттын реалдуу баалуулуктарга болгон муктаждыгын канааттандыруу максатын гана көздөгөн акча-каржы системасын алтындын өзгөрбөстүгүнө негиздөө биринчиден, туура эмес, экинчиден, акылга сыйбаган нерсе. Анткени алтындын көлөмү адамзаттын муктаждыктарына салыштырмалуу өтө эле аз болгондуктан, аны дайыма пайызга алуу керек болот. Пайыздар болсо, сөзсүз алтын менен төлөнүшү талап кылынат. Ал пайыздар алтында топтоло берип, адамзат алтын ээлерине карызын төлөй алгыс абалга келди. Төлөнүүсү милдеттүү болгон пайыздын үстөккө-босток өсүүсү алтынды жерден казып алууга караганда барган сайын тездеп кете берип, төлөп берүү үмүтү да үлбүлдөп өчүп барат.


Өз илимий эмгектеринде “алтын стандартты” сындаган А.Нечволодов “Акча каражаттарын бекитип, чыгаруу бир гана мамлекеттин озуйпасы. Анткени акча каражаттары бул мамлекетте товарга алмаштыруу милдетин аткарып, конкреттүү өлкөгө керектүү өлчөмдө гана чыгарылат. Ошондуктан акча каражаты мамлекет бир жерден карызга албаган (айрыкча оор талаптар коюлган) материалдан жасалышы шарт. Практикада бул алтынга байланбаган кагаз акча каражаты болушу керек”, – деп айткан. Ал 1897-жылы Орусия империясында өткөн акча реформасынан кийин өлкөнүн финансы министри С.Ю.Виттенин сунушу менен 1906-жылы жүргүзгөн анализинен кийин ушул корутундуга келген. Бул реформада алтын монометаллизмин, б.а. “алтын стандартын” орнотуу максат кылынган. Реформанын натыйжасы экономисттердин арасында түрдүү көз караштардын жаралуусуна себеп болгон.

## Алтын зөөкүрлүк доорунун каражаты

Макаламдын акырында мен “алтын стандартты” кайра жандандырууга жеке көз карашымды айтып, анын тарых экенин, дүйнөлүк валюталык системанын басып өткөн этабы деген бүтүм берүүдөмүн. Биздин экономикалык өтмүшүбүз менен азыркы учурубузду баамдаган бул макаланы үстүнөн иштеп жатып, бүгүн унутта калтырылган тарыхий парадигманы эстен чыгарган жокмун. Ал – тарых үчүн объективдүү, учурунда болсо субъективдүү деген парадигма.

Макаламды Дж.М.Кейнстин: “Алтын – варвардык доордун калдыгы. Биз кагаз акча каражаттарына өтүүбүз керек” деген сөздөрү менен аяктагым келет. Эң өкүнүчтүүсү, азыр дүйнө кайра “алдым-жуттум” деген варвардык доорго кайткан сыяктуу. Ошондуктан ага “алтын стандартын” таануулоо кыйындыкка турбайт.





# А.Сагынбаева: “Сулуулук да өз тилинде сүйлөсүн”

«Ар дайым сулуу болуп жүрүү - бул чоң маданият» деп эсептеген маектешим Айнура Сагынбаеванын сулуулук армиясында алдынкы саптарда жүргөнүн билебиз. Анын кеп-кеңештери келбеттүү болом деп жүргөн айымдарга керек. Анда сиздерге А.Сагынбаеванын клиникасынын мүмкүнчүлүктөрү жана анын териге кам көрүү боюнча маегин сунуштайбыз

НАЗГУЛ АКУНОВА

### “Оорулуулар менен дарыгерлердин ортосундагы мамиледен чүнчүдүм”

Бала кезимден сезимтал өсүп, ар дайым айланамдагы сулуулукка суктанат элем. Сулуу айымдарды көрүп, мен дагы алардай сулуу болгум келчү. Бирок дароо бул тармакка келген жокмун. Мектепти аяктаган соң чоң профессиянын ээси болгум келип, медициналык окуу жайга тапшырып калуума дарыгер болуп иштеген таеке-таежелерим себеп болду. Аларды көрүп аябай суктанчу элем. Ак халат кийип, жан сакчысы болуп жүргөн дарыгерлер мага башкача жандардай туюлчу. Дароо чечим чыгарып, Медицина академиясына тапшырдым. Тынбай окуп, изденип жүрүп, окуумду аяктап, шаардык ооруканада көп жыл эмгектендим. Ал жерден эмнегедир өзүмдүн ордумду таба албадым. Оорулуулар менен доктурлардын ортосундагы мамиледен чүнчүдүм.

### “Кээ бир айымдарыбызга психология жаатында да кеңеш беребиз”

Кыргыз айымдарынын сулуулугуна кам көргүм келди. Себеби биздин айымдар түйшүккө малынып, өздөрүнө кам көрүүнү акыркы орунга коюп коюшкан. Ооба, кудай баарыбызды ар кандай жараткан, бирок канчалаган адамдар өзүнүн бир кичинекей комплекстеринен улам уялуу менен өздөрүн ичинен жеп, көп нерселерден куру калат. Сулуулук ийгиликтин ачкычы дейбиз. Өзүңө, өзүңдүн келбетиңе ишенип турсаң, канчалаган ийгиликтерди жаратасың. “Ийгилик өзүнө ишенгендерди сүйөт” деген сөз да бекеринен айтылган эмес.

Барган сайын кардарларыбыз көбөйүүдө. Арасында жаш кыздар кичине бир жерин өзгөртүү менен бактымды таптым деп ырaaзычылык сөздөрүн айтып кеткендери да бар. Биз клиникада сырткы көйгөйлөрдү гана чечпей, дермотологиялык жардам беребиз. Кээ бир айымдарыбызга психология жаатында да кенеш беребиз.

### “Биздин клиника кыргыз тилдүү”

Клиниканын дагы бир өзгөчөлүгү – кыргыз тилдүү айымдарга жеткиликтүү маалымат бере алганыбызда. Шаарыбызда клиникалар негизинен орус тилдүү, өзүм да жеке менчик клиникаларда иштеп калгандыктан кыргыз тилдүү айымдардын аз кайрыларын, кайрылса да көйгөйүн толук түшүндүрө албай, толук кандуу жардам ала албай калганын көп көрүп, абдан кейип калчумун.

Мен бул тууралуу да көп ойлондум. Биздин айымдарга колумдан келген жардамымды берип, туура жол көрсөтүп, көйгөйлөрүнө жардам бергим келди. Ошол себептен жеке менчик клиникамды ачтым десем болот. Айымдар үчүн кыргыз тилинде сулуулук сырлары менен бөлүшкөн китеп жазгам жана ошондой эле массалык маалымат булактары аркылуу кеңештеримди берип келем. Кыялымда бир чоң клиника ачып, ден соолугуна, сулуулугуна тиешелүү көйгөйлөрү бар айымдарды ар кайсы жакка жибербей эле бардык маселесин бир жерден чечип кете тургандай кылсам дейм.

### “Аял киши тез картаят, кам көрүүнү унутпаш керек”

Айымдарга эң жөнөкөй кеңеш, секелек кезден эле өзүн караганды үйрөнүп, ар дайым келбети үчүн кам көрүшү керек. Себеби көпчүлүк айымдарыбыз үй бүлөлүү болгондон кийин башкаларга кам көрүп жүрүп, өзүн таптакыр унутуп коюшат. Ооба, айымдар, айрыкча кыргыз айымдары табиятынан түйшүкчүл келебиз. Мен да бирөөнүн жубайы, эки эркe уулдун энеси, бирөөнүн келинимин. Ар бир кыргыз айымынын көйгөйү менин да башымда бар. Бирок менин кеңешим, адам турмуштук түйшүктөргө биротоло көмүлүп кетпей, өзүн караганды ды үйрөнүшү керек. Өзүңдү карап, өзүңдү сүйүп турсаң, айланадагы адамдардын да маанайы көтөрүлүп, сага болгон мамилеси өзгөрөт.

### “Косметиканы аз колдонгон жакшы”

Мырзалар менен айымдардын түзүлүшү, териси таптакыр башкача болот. Аял киши тез картаят. Ошол себептен да ар дайым өзүн карап жүрүүсү абзел. Европада айымдар терисине кам көрүп, анан косметиканы аз колдонушат. Биздин айымдар тескерисинче, териге кам көрүүнү унутушуп, косметиканын түрүн алып, күн сайын колдонушат. Ошол себептен да бат карышат.

Азыр кудайга шүгүр, косметология да кеңири таралып, сулуулукка сулуулук кошуп келет. Мүмкүнчүлүк болсо, эмнеге колдонгонго болбосун. Бул нерсенин кандайдыр бир жардамы болгон үчүн дүйнө жүзүнө кеңири тарап жатса керек.

Кыргыз эли өзгөчө аң-сезимдин ээсибиз. Жаңы нерсени бат кабыл алабыз. Кудай буюрса, бара-бара бардык айымдар сулуулугун жана жаштыгын бир канча жыл болсо да кармап кала алат деген ишенимдемин. Кыргыз айымдарынын сулуу болушуна кандайдыр бир деңгээлде салым кошуп жаткандыгым үчүн бактылуумун!





# Туз ваннасы булчуңдарды бекемдейт

Тамыр, булчуңдар бекем болуп, жалпак тамандыктын алдын алуу үчүн жаш баланын бутуна 1,5 жаштан баштап ванна жасоо керек. Аны үчүн бөбөктүн бутун алмак-салмак, алгач муздагыраак, андан соң жылуу суу менен кезек-кезек чайкоо зарыл. Бул ошондой эле организмдин иммундук системасынын жакшырышына өбөлгө түзүү менен бирге буттун туура өсүүсүнө жакшы жардам берет.

Туздан жасалган ванна (2-3 ст. суу, 1 кашык туз) булчуңду бекемдейт. Жалпак тамандуулук көбүнчө булчуң тонусу алсыз болгон балдарда көп кездешет. Ал эми жогорудагыдай ванна аны күчтөнтүп, ошондой эле тамыр менен булчуңдарын чыңоочу касиетке ээ.

Ошондой эле Д витаминин ичүү да пайдалуу, себеби анын жетишпестигинен улам пайда болгон итий оорусу да май тамандуулукка алып келиши ыктымал.

Баланын бутунун тез чарчабоосу, баш жана муундарынын оорубашы жана бут кийим тандоодо кыйналбоосу үчүн кичинесинен жакшылап көңүл буруп, айыктырууга аракет жасоо зарыл.

# А.Нурбаев: “Мамлекет бир кадам таштаса, жергиликтүү ишкерлер эки кадам жасаганга даяр”



Абдывахап Нурбаев, Ош шаардык кеңешинин депутаты. Асмандан изделип, бирок жерден табылган социалдык жоопкерчилик сезими жогору ишкер. Саясатта тунук акыл, таза жүрөк, жалындуу ниет менен аракет кылган үлгүлүү нуска. Бишкекке келип калганынан пайдаланып баарлаштык. Агабыздын жүрөгү Ош эле эмес, кыргызстандык боордоштордун баарын камтыйт

**– Мамлекет, өкмөт башында турган адамдар ЖМКга берген маектеринде адамдардын сырткы келбети, кийген кийими жана көз карашы менен пикирин катуу сындоону баштап берүүдө. Диндар тайпаларга “хижаб, дамбалын чечсин”, батышчылдарга «акчаларын актап атат» деген сыяктуу сөздөр колдонулууда. Ушул тенденцияны кантип токтотсо болот? Мамлекет башындагылар ушул таризде ойлорун билдирип атса, башкалар эмне болот?**



– Биз Кыргызстан эгемендик алгандан бери демократиялык жолдо өнүгүп жатабыз. Демократиялык мамлекетте кандайдыр бир пикирди чектөөгө болбойт. Биздин элибиз дагы чектегендерди көтөрө албайт. Ушундай чектөөгө аракет кылгандар коомдон өзүнө тиешелүү жоопторду алып атышат. Азыр андай адамдар актанып башташты. Бир нерсени чектесең, анын каршылыгын сөзсүз көрөсүң. Кандайдыр бир чектөө керек болсо, аны жалпы коом менен кеңешип туруп, анан кандайдыр бир бөгөт койсо болот. Мамлекет, өкмөт жетекчилери ар бир сөздү айтарда коомдук таразага салып, анан ойлонуп айтышы керек. Кээ бири башка биринин буйрутмасын аткарышы мүмкүн же жеке ПИАР үчүн бул кадамга барышы мүмкүн. Биргелешип өнүгүү жолуна аттанган биздин коомдо мындай орой, одоно айтылган пикирлер туура эмес.

**– Азыр көп партиялар биригишүүдө. Эл деле "Баш чаташып кетпегидей сандагы партия болсун" деп муну колдоп турат. Партиялар түштүк-түндүк спектрлерин бириктиргенге аракеттенүүдө. Бирок биздин тандемге биригүү тажрыйбабыз тетирисин көргөзүп турат. Азыркы биригүүлөр кайсыл убакка чейин узайт?**

– “Саясатта түбөлүк достук жок, түбөлүк кызыкчылык бар” деп айтылып келет. Бул биригүүлөр саясый кызыкчылыктан улам ишке ашты. Анткени ар бири өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн карап көрдү. Өз дараметин карап туруп, башкалар менен биригүү – бул табигий нерсе. Черчилдин “Саясатчылар шайлоодон шайлоого чейин ойлонот, мамлекетчилдер болсо кийинки калыптанчу муунду ойлонушат” деген бир сөзү бар. Биздин саясатчылардын саясатчылык сапаттары мамлекетчил сапатка өтүүсү керек. Бул жолду баары бир басып өтүүбүз абзел, анткени биз жаңы эле парламенттик системага өттүк. Орто Азияда биз биринчи жолу ушул жолго түшүп атабыз. Биз бул системанын кемчилигин да, артыкчылыгын да өз башыбыздан өткөрүп жатабыз. Бул боюнча биз алдыдабыз. Жаңы башталган иштер шыр кетпейт. Сөзсүз кемчиликтерден сабак алынып, анан жолго түшүү болот. Партиялардын биригүүсү регионалдык бөлүнүүлөрдүн алдын алат. Анткени партиядагы бир да адам бир региондун гана таламын талашпай, тегиз карап калганга жакшы башталгыч.

**– Азыр “Жаңы партия – жаңы жүздөр” деген ураан колдонулуп баштады. Мурун бийликтин экинчи, үчүнчү эшелонунда орун алган адамдар “жаңы жүз” болуп чыга калышты. Эмне үчүн ар бир шайлоодо эле жаңы партия түзүлө бериши керек? Эмнеге эл менен дайыма иштеген, анын көйгөйү менен шайлоо арасы бирге болгон партиялардын үлгүсү бизде аз?**

– Жаңы жүздөр идеясын партиялар ойлоп тапкан жок, эл ушуну талап кылып жатат. Партиялар муну сезип атат. Алар кааласа да, каалабаса да таза, жаш адамдарды катарына алып, аларды элге көргөзгөнгө аракеттенүүдө. Бир ай ичинде тизмелер чыгат. Андан көптөгөн эл жактырган, сөзүн түз айткан адамдарды көрөбүз. Мындан беш жыл кийинки шайлоо октябрдагы шайлоодон дагы жакшыраак болот. Парламенттик системага өтөрүбүз менен классикалык партиялар пайда болушу керек деген туура эмес. Бала деле төрөлгөндө тайтайлап басат, анан 3 жашка жеткенде жүгүрөт дегендей. Биз парламенттик системага киргенден кийин бир эле жолу шайлоо өткөрдүк, кийинкисин күтүп атабыз. Коалиция деген нерсени биринчи жолу көрдүк. “Депутат болом” деген ой оюнда жок адамдар депутат болуп калышты дегендей. Майдаланган буудай сымал биринчи электен араң өттүк. Эми экинчи электен өтөбүз. Менин оюмча азыркы шайлоого 10–15 партия катышат. Бул жакшы көрүнүш, элде тандоо болуш керек. Интеллигенция, ЖМКлар акчага сатылбай, анализ кылып, элге партиялардын жүзүн ачып беришсе жакшы болот. Элибиз жаңылбайт деп ойлойм. Жалпысынан айтканда, тандап алган парламенттик жолубуз туура.

**– Азыр күндемден кетпей калган экстремизм жана террорчулуктун бир себеби этникалык таарыныч, наразычылыктар делүүдө. Мисалы, Бишкектен, кыргыз эмес улуттар, орус тилдүүлөр көбүнчө радикал топторго кирген. Ошто да Сирияга кеткендердин көбү өзбек улутундагылар деген статистикалык маалыматтар бар. Мындан беш жыл мурун өткөн шайлоодон бери кандай өзгөрүүлөр бар? Октябрдагы шайлоодо кандайдыр бир “сюрприз” болуп кетпейби?**

– Ош облусу жана Фергана өрөөнү жүз жылдап бирге, эриш-аркак болуп жашап келген улуттардан турат. Бул өрөөн дүйнөдө эл эң жыш жайгашкан жерлерге кирет. Социалдык, экономикалык маселелер көп. Жумушсуздук жогору, өндүрүш анча өнүккөн эмес. Көп жаштар Орусияда иштеп жатат, анын өзүндө кризис башталып, кеткендер кайтып келишүүдө. Бул абал геосаясий оюнчулар тарабынан колдонулуп келет. Алар элдин арасында бирин-серин сепаратисттерди, акчага сатылган адамдарды колдонуп, topolоң кылып келген. Азыр жакшы, Президент өзү киришип, диний түшүнүктөрдү берүүнү мамлекет өзү багыттап баштады. Маалымат, илим боштугун башкаларга таштап койбой өзүбүз толтурушубуз керек. Этникалык көйгөй негизги эмес, анткени миңдеген жылдар бою эки улут бир жакшы жашап келген. Кайсыл бир улутта же элде эч кандай күнөө жок.




**– Султан Жумагулов агай жакында эле “Ии, биздин Ошко эмне болуп келип калдыңыз” деген суроого “Өзүмдүн эле Ошума келдим” деген мазмунда бир макала жазды. Ош шаарынын өзгөчөлүгү кайсы? Бишкек менен абысын сыяктуу атаандашуусу керекпи же өзүнүн бренди болуш керекпи?**

– Ош шаарыбыз өзүнүн жүзүн жоготпош керек, өзүнчө бренд болушу керек. Ош келечекте Фергана өрөөнүнүн интеллектуалдык борборуна айланууга толук мүмкүндүгү бар. Ош шаарына Тажикстан, Өзбекстандан, Кытайдан коңшулар келип эс алышы, мектептерде, жогорку окуу жайларда окушу керек. Коңшуларыбыздын эли “Балдарыбызга келечекте татыктуу, сапаттуу билим бербесе кыйын” деп түшүнө баштады. Жеке менчик мектептерди, ЖОЖдорду салып, академиялык кадрларды керек болсо, сырттан алып келип, окуу процессин камсыздашыбыз керек. Мамлекет бул багытта инвестиция кылган ишкерлерге шарт түзүп бере алат. “Жеке менчик жана мамлекеттик өнөктөштүк” мыйзамы бар. Мамлекет ишкерге “жер берем, инфраструктураңды киргизип берем, сен кура бер” десе, курам дегендер толтура. Азыр Кыргызстанда мамлекетти сүйгөн, элиме кызмат кылам деген ишкерлер чоңоюп келе жатат.



Мамлекет аларга жүзүн буруп, колун сунса, аларды көздөй бир кадам кылса, алар эки кадам таштаганга даяр. Мисалы, мен Жапалак айылында жашайм. Айылдын аксакалдары чыгып, мечиттин жеринен бала бакчага деп, 7 сотых жер бөлүп беришти. Дагы бир аксакал 40 сотых жерин берди. Шаардык бюджет 8 жарым млн. сом которду. Президентибиз өзү 3 миллион сом берди. Калганын биз берип, 18 миллион сомдук бала бакча бүтүп атат. Жакында төрт айылдын ортосунда сонун имарат ишке берилет. Биз коңшуларга мүмкүндүк түзүп берсек, алар акчасы менен келет бизге. Бизде либералдуу мыйзамдар бар, байлар акчасын бизде сактаса болот. Мындан сырткары дарылоо, оорулардын алдын алуу багытындагы санаторияларды иштетүүгө болот. Кошуна мамлекеттер менен бул тармактарда атаандаштыкты утуп чыгууга мүмкүн. Бизде мунай, газ жок, бирок Кудайга шүгүр, акылдуу, эркин жана активдүү элибиз бар. Биз чымырканып, тынбай иштесек, озуп чыгууга бардык шарттар бар. Биз ушул мүмкүнчүлүктөрдү колдонуп, Ошубузду өнүктүрүп кете алабыз.

Маектешкен ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ



# Жаңы муун күткөн адабият

**Кыргызстанда жергиликтүү адабиятчылар дүйнөлүк адабияттагы өнүгүү тууралуу эки ача пикирде. Улуттук адабияттын деңгээлине да канаттангандар аз. Анын себебин жаралып жаткан чыгармаларды иргей турган адабий сындын жок экенинен көрүшөт**



ЗАЙЫРБЕК АЖЫМАТОВ

### Адабияттагы бурулуштар

Учурда Бишкектин чок ортосунда, ачык асман алдында жайгашкан чакан китеп базарында адис адабиятчылар жазуучу деп эсептебеген авторлордун жеңил-желпи темадагы китептери өтүмдүү. Мисалы, Айгүл Шарше кызы аттуу автордун китеби 70 миң нуска менен жарык көрүп өз окурмандарын тапкан. Ал эми аттуу-баштуу акын-жазуучулар өз китептерин беш жүз же миң нуска менен чыгарып, аны сатуу кыйын болуп жатканына кейишет.

Бирок учурда китеп базары Кыргыз эл акыны Шайлообек Дүйшеевдин жакында жарык көргөн «Агындылар» аттуу китеби өтүмдүү болуп жатканын көрсөтүүдө. Автордун айтымында, аталган чыгарма адабияттын бир да жанрына сыйбайт. Китеп айылдын жашоосун сүрөттөгөн кыска тексттерден турат.

Адабиятчы Абдыкерим Муратов дүйнөлүк адабиятта да ушул багытта күтүлбөгөн жаңылыктар болуп жатканын айтат:

– Маселен, өткөн жылы Элисс Энн Манро деген канадалык жазуучу Нобель сыйлыгын албадыбы. Аны бул сыйлыкты алат деп эч ким күткөн эмес. Ага чейин тизмеде такыр башка жазуучулар жүргөн. Беларус, Жапония сыяктуу жана башка мамлекеттин жазуучулары алмак болуп жаткан. Күтүлбөгөн жерден бул эжекебиз сыйлык алып кеткенде элдин баары таң калды. Буга калыстар тобундагылар Манро Чеховдун Европада кайра жаралышы, анын чыгармаларынын жаңырышы деди. Бул автор өмүр бою бир чакан шаарда жашап, ошол шаардын адамдарын кыска аңгеме кылып жаза берген экен. Буга чейин дүйнөлүк адабиятта көбүнчө адабияттын деңгээли, бийиктиги роман жанры менен өлчөнүп келген. Демек, бүгүн дүйнөлүк адабият кыскалыкка умтулуп жатабы дейсиң.

Абдыкерим Муратов муну менен бирге улуттук адабиятта эгемен жылдардын жаңы муунy жарала электигин, айрыкча поэзия жанры тек гана 60-70-жылдардан бери уланып келаткан салттуу жолду кайталап жатканын белгилейт.

### Адабий сындын азары

Адабий сынчы Рысбек Эшматовдун пикиринде да учурда жалпы эле адабият ааламынын абалы жакшы эмес:

– Менин жеке пикиримде, жалпы эле дүйнө жүзүндө адабият чоң кризиске туш болду. Биздеги жаш акын-жазуучуларды эгер метофора менен салыштырып айта турган болсок, талаада жалаң аппак коёндор оттоп жүргөндөй. Алларды сыртынан эч ким кайсынысы жаман, кайсынысы жакшы айырмалай албайт эмеспи. Баары эле аппапак, баары эле бирдей көрүнүштө.

Рысбек Эшматовдун айтымында, адабий сындын болбой жатканынан улам акыркы мезгилде жарык көргөн чыгармалар өз баасын ала элек.

Эгемендик жылдарындагы жаштар поэзиясынын көрүнүктүү өкүлү, чыгармачыл жаштардын эл аралык "Нурборбор" академиясынын жетекчиси Нурлан Калыбеков жогорудагы кемчиликтерди моюндап, азыркы жаш акындар уйкаштыкты гана мыкты үйрөнүп алышканын айтат:

– Айтматов жок, Касымбеков жок. Акындардан илгеркидей Байдылда, Тургунбай, Табылдылар жок. Кечээ эле адыраңдап жүргөн Алик Акималиев да заманга кор болуп жүрүп өтүп кетти. Улуттук адабиятыбыз чын эле супсак тартып кеткендей. Мүмкүн мунун өзү мамлекеттин адабиятка болгон камкордугунун жоктугунан. Менимче, чоң адабиятты чоң мамлекеттер гана жарата алат окшойт. Ошол эле Айтматовду, Касымбековду, Гамзатовду, Евтушенкону жана башкаларды улуу Совет мамлекети жаратекан. Мамлекеттин камкордугу жок болсо адабият да болбойт окшойт. Азыр орус адабиятын карасаң деле жарк эткен инсандар көрүнбөйт.

Буга улай Нурлан Калыбеков кийинки муун китеп окубай, адабиятка билимсиз бойдон келип жатканына басым жасады.

### Көрөңгө

Ал эми акыркы кезде бир нече эл аралык сыйлыктарга татыган жазуучу Турусбек Мадылбай өз чыгармалары чет өлкөлөрдө окурмандарын таап жатканын айтып, дүйнө интернет заманында да адабиятка олуттуу мамиле кылыш керек дейт:

– Мен азыр мындай деген ойдо болуп калдым, дүйнөлүк адабиятта чындык менен жалган фантастика, чындык менен жалган адабият деген бар. Калганын баары мода сыяктуу келет, кайра кетет. Мен азыр дүйнөлүк деңгээлге чыккан жапон жазуучуларын окуп жатам. Эгер кыргыз адабиятына кайрыла турган болсок адабиятыбыз бир беткей болуп калып жатат. Себеби кыргыз тилдүү жазуучулар жазса эле ар ким өзүнүн урууcун, айылын мактап, тээ илгери өзүнүн айылында жашаган тыңдарды баатыр көрсөтүп же байларды мактап ошону менен эле токтоп калууда. Орус тилдүү жазуучуларыбыз болсо фентезге кызыгып, фантастика жагына ооп кетишип, оюнан чыгарган элестерди жазып жатышат. Мен өзүм мүмкүн болушунча бүгүнкү турмушту кызыктуу формада окурманга жеткирүүгө аракет кылам.

Муну менен бирге Турусбек Мадылбай дүйнөдө бардык адамдардын балалыгы, жан дүйнөсү, турмушу бирдей болорун, андыктан мыкты жазылган чыгарма окурмандын кайда жашаганына карабай таасир бериши керектигин белгилейт.

Бирок бул пикирге каршылар да бар. Мисалы, жаш адабият таануучу Азат Абдысадыр уулунун пикиринде, учурда жалпы эле исскусство тармагы өзүнүн ушул доорго шайкеш келе турган эн тамгасын издеп жатат:

– Мисал үчүн Советтер Союзунда элдин деградацияга түшүүсүнүн эн тамгасы Айтматовдун маңкуртчулук идеясы болгон. Ар бир адам маңкурт десе ошол доорду эстей турган болбодубу. Искусствонун негизги милдети ошол эн тамганы иштеп чыгууда. Бүгүнкү күндө өнөрдүн бардык тармагында ошол эн тамга изделип жатат. Мисалы, Гарсия Лорканы алсак, анын Ерма деген испаниялык баласы жок аял Испаниянын фашисттик доордогу эн тамгасы болгон. Ошол эле учурда анын досу Сальвадор Дали да өз сүрөттөрү менен ошол доорду берген. Мындан эгер жыйынтык чыгара турган болсок ар бир жазуучу же жалпы эле өнөр адамы өзүнүн улуттук көрөңгөсүнө кайтыш керек. Ансыз образды түшүнүү мүмкүн эмес.

Адабият таануучу Азат Абдысадыр уулунун айтканына караганда учурда дүйнөлүк искусство, анын ичинен адабият өзүнүн эн тамгасын же өзгөчөлүгүн өзүнүн улуттук көрөңгөсүнөн издеш керек. Анткен менен адистер бүгүнкү күндө дүйнөлүк адабиятта китеби көп өтүп жаткан жазуучулардын чыгармаларында фантастика, кандуу окуялар, философия дегеле бардык темалар аралаша баштаганын белгилейт.

# Хиджаб тууралуу жоолукчандардан башкасынын баары тартышты



**Хиджаб кийүү маселеси жыл өткөн сайын түрдүү сындарга, каршылыктарга кабылууда. Ошол эле учурда хиджаб кийип, Жаратkандын буйругуна баш ийгендердин саны күндөн-күнгө өсүп жатканы байкалат. Бишкектеги маалымат жыйындардын биринде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты Турсунбай Бакир уулу жана коомдук ишмер Өзбек ажы Чотонов хиджаб бул кыргыздарга да таандык кийим экенин айтышып, премьер-министр Т.Сариевдин хиджаб тууралуу айткан сөздөрүн сынга алышты**

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

## "Темир Сариевди эч ким идеологияны чечсин деген жок"



**Депутат Турсунбай Бакир уулу** Т.Сариевди комсомол убагында калып калган деп, хиджаб кыргыздардын кийими экенин төмөнкүчө далилдеди: "Бүгүнкү күндө президентибизди "мусулмандардын амири" деп атасак болот. Спикер да беш маал намазын окуйт. Ортодо тигил же бул жакка кошулбаган жат элемент пайда болду. Бул премьер-министр – Темир Сариев. Мен аны сыйлайм, бирок менимче, Сариев комсомол убагында калып калдыбы деп ойлоп кетем. Ал ошол кездерде комсомол жетекчилеринин бири болчу. Комсомол кезде эркектер шортикчен, футболкачан, кыз-келиндер болсо, төшү ачык, кыска кийимдерди кийчү эле. Биздин энелерибиз, чоң энелерибиз кийип жүргөн кыргыздын кийиминин хиджабдан айырмасы жок. Кыргыздын улуттук баш кийими элечекти алып койсо, хиджаб болуп калат. Элечектин орнаментин кошуп койсоңор, улуттук кийим болуп калат. Темир Сариев кыргыздардын тарыхы Темир Сариевден башталат деп ойлойбу. Паранжаны эч качан кыргыз кыздар кийбечү эле. Анткени алар бети-жүзүн жаппачу. Бул тажик, өзбек, оогандык кыз-келиндерге тиешелүү.

Хиджабды жоолук деп да айтсак болот. Хиджаб деген сөздөн Темирдин кыжыры келип атса, анда жоолук деп айтсын. Темирдин энеси да жоолукчан жүргөн. Аны депутаттар эмне үчүн алты айга шайладык, бул Бажы жана Евразия Экономикалык биримдигине салымын кошсун деп шайлаганбыз. Башкача айтканда, ал – техникалык премьер-министр. Аны эч ким президенттин же парламенттин ордуна идеологияны чечсин деген жок. Элди биримдикке чакыргандын ордуна экиге бөлүп атат. Бул бизге керекпи? Темир Сариев атеист, эч кандай бир динге тиешеси жок".

## "Терроризмдин баары жасалма спектакль"



**Өзбек ажы Чотонов** "Мектептер мечиттен көбөйүп кетти" дегидей, мечиттерди курганга Сариевдин бир тыйыны да кеткен жок деп ачууланып, өз оюн төмөнкүчө билдирди: "Мечиттер мектептердин акчасына да салынган жок. Бир айылда эки мечит болсо, бул эч качан көп болбойт. Балдар 17 жашка чейин мектептен тарбия алыш керек. 18ден 80ге чейин өзүнүн рухун көтөрүш керек. Анын эч кандай жамандыгы жок. Жалаң аксакалдар, чоң кишилер, бүт баары эле мечитке барышууда. Бул эч кандай коопту нерсе эмес. Мындай спекуляциянын кереги жок. Аракканалар, сыра чыгаруучу жайлар, сойкуканалар көбөйүп кетти деп ойлонуш керек эле. Ошол жерден кыздар бузулуп атат, сатылып жатат. Бул хиджаб кыргыздын эле улуттук кийими, бардык дене мүчөлөрү жабылып жүрөт. Хиджаб миң жылдап келген, эч кандай терроризмге тиешеси жок, маданиятсыздыкка алып келбейт. Ошол жылдары кыргыз кыздары аябай абийирдүү, намыстуу, тартиптүү болгон. Барган сайын хиджаб жок, баары жылаңач, көчөдө кыска кийим менен жүрүшөт. Барган сайын көп кыз-келиндер ооруп төрөбөйт. Хиджаб кыргыздын улутуна дал келет. Биз тарыхты унуттук, колонизаторлор келип, биздин кийимди чечти. Жылаңачтанткан кийимдерди кийгизди. Кийимдин цивилизацияга тиешеси жок. Жакшынакай эле чапан кийип жүрүшөт".

## "Темир Аргенбаевич жоолукка каршымын деген жок"



**Вице-премьер-министр Абдырахман Маматалиев** жаштарды ыйман жолуна салып, жаман жолдон алыстоосуна ким каршы чыкмак эле деген оюн диний маселедеги талкууда билдирди. "Өкмөт башчысынын мечит, хиджаб тууралуу сөздөрүнөн улам кээ бир адамдар анын мусулмандарга каршы экендиги жөнүндө сөз таратып жатышат. Бул эч кандай андай эмес. Болгону Темир Аргенбаевич салттуу ханафий мазхабын колдосок, улуттук үрп-адаттарды четке какпасак деген ойду айткан. Жаштардын ыйманга келип, жаман жолдон алыс болуп жатканына ким каршы чыкмак эле. Жоолукту балакатка жеткенде кийиш керек эле. Аны хиджабы үчүн эч ким басынтпасын деген эле ой. Биз да диндар үй-бүлөдө чоңойдук. Жашы жете элек кызга жоолук кийгизчү эмес эле. Андан бери эмне шарият өзгөрүп кеттиби? Өзгөргөн жок болуш керек. Малайзияда бир топ жыл иштедим, бетин чүмбөттөп жаап алган эч кимди көргөн жокмун. Бетти жапканды никаб дейт экен. Никаб кийип жүрүүнү биздин аалымдар да туура эмес деп атышат. Өкмөттө динге каршы болгон, анын өкүмдөрүнө шек келтирген эч ким жок",– дейт ал.

## "Темир Сариевдин балким ниети жаман эместир"



**Кыргызстан ислам университетинин ректору, КР Президентинин кеңешчиси Абдышүкүр Нарматов** "Исламды кабыл алган улуттун шариятка каршы келбеген өкүмдөрү шарияттын бир бөлүгү болуп кабылданат" деп өз сөзүндө төмөнкүлөргө токтолду: "Ошондуктан улуттук каада-салт менен үрп-адаттар Куран жана Пайгамбарыбыздын өкүмдөрүнө баш ийет. Бул себептен улам биз "жоолук салынбай эле койгула" деп айта албайбыз. Темир Сариевдин балким ниети жаман эместир. Биз анын сүйлөгөнүн көрдүк. Колдонгон сөздөрү өтө эле орой, бул сөздөрдү айтып жаткандагы мимикасы менен кыймыл-аракети дурус эмес. Дин тууралуу сөз кылынып жатканда жетекчилер абайлап, кылдат болушса жакшы болмок. Биз өкмөт менен эриш-аркак иштөөгө дайым даярбыз. Бирок жанагыдай сөздөрдөн кийин коом бөлүнүп, кээ бир акмактар мусулмандар үчүн ыйык нерселерге акаарат кылып жибериши. Бул адамдарды таап, тиешелүү баасын берүү керек. Сариевдин сөзүнөн кийин динге каршы сөз сүйлөп, диний радикалдардын чыгарына май тамызгандар Кыргызстанда эле болуш керек. Ушуларга чара колдонулуусун өкмөттөн суранабыз".

## "Билим берүүнүн таңкыстыгынан улам жаштар түрдүү диний агымдарга кирүүдө"

Премьер-министр Темир Сариев 16-июлда билим берүү системасынын көйгөйлөрү тууралуу маселелер көтөрүлгөн кеңешмеде мечиттер 2669 болуп, мектептер 2027 экенин, медреселер 67ге жетип, ЖОЖдор 52 эле болуптур деген статистика келтирип, бул тенденцияны өзгөртүү керек деди. Коомчулук менен мугалимдерди өз катарына тарта калып, "Биз билимдин баалуулугун башкаларга түшүндүрүүбүз керек" деген өкмөт башчы, "Билим берүүнүн таңкыстыгынан улам жаштар түрдүү диний агымдарга кирип кетип жатат. Ошондуктан чукул чараларды көрүү керек" деп сөзүн жыйынтыктады.

Өкмөттөгү адамдардан баштап, Ички иштер министрлигине чейин мечит менен хиджаб ойлондурары абдан таң калтырды. Ар ким өз жумушун билип иштешсе деген гана ой келет. Анткени хиджаб Аллахтын буйругу, аялзаты үчүн парз болгон өкүм экен. Аялзаты эмнени киет, эмнени коёт маселеси өздөрүнө калтырылса жакшы болмок. Бишкектин көчөлөрүндө жоолукчан кыздар менен жоолугу жоктор колтукташып дос болуп кетип бара жатканын далай көрөсүң. Аялзатынын кийимин саясый оюндарга колдонуп, ошол достук, жылуу мамилелерин бузбайлы. Ар бирибизди эне төрөп, балдарыбызды эне тарбиялап жатпайбы.

*Эскерте кетсек, 16-июлда эл алдында премьер-министр Темир Сариев мечиттер мектептен көп болуп кеткенин белгилеп, бул тенденцияны өзгөртүш керектигин айткан.*







# Түбөлүк президенттик жана аң-сезим төңкөрүшү

Орто Азиянын постсоветтик аймагындагы эки башкаруучу 2015-жылдын жазында өздөрүнүн президенттик тактыларында отуруу мөөнөтүн дагы узартышты. Ушундай эле көрүнүш 2015-жылдын күзүндө Белорусияда дагы уланмакчы. Мындай башкаруунун табиятында эмне бар?

СЕРГЕЙ ШИПТЕНКО

## Бийликтен өлүм гана ажыратчу президенттер

Демократиялык мамлекетте шайлоо элдин бийлигин символдоп, анын өзүн-өзү башкаруу укугунун ишке ашышында негизги механизм болуп эсептелет. Демократиялык эмес мамлекеттерде шайлоо такыр өткөрүлбөйт. Өткөрүлгөн убакта болсо, мыйзамга төп келгени менен эч нерсени чечпеген добуш берүү менен коштолот.

БКнын Казакстан компартиясынын биринчи секретары Нурсултан Назарбаев (1989-1991) өкмөттүн (1984-1989) жана республиканын парламентинин төрагасы (1990) катары кызмат кылып, 1990-жылдан ушул убакытка чейин Казакстандын президенттик макамынан түшө элек. Расмий билдирүүлөр боюнча 2015-жылдын 26-апрелиндеги шайлоодо Назарбаевдин президенттик макамда калуусу үчүн жарандардын 97,75 пайызы добуш беришкен.

Ислам Каримов болсо, Өзбекстанды чейрек кылым, т.а., 1989-жылдан бери башкарып келе жатат. 2015-жылдын 29-мартында ал дагы президенттик тактыда отуруу мөөнөтүн расмий билдирүүлөр боюнча жарандарынын 90,4 пайызы менен камсыз кылган. Каримов Өзбекстандын биринчи жана алмаштырылгыс президенти болгонго чейин Өзбекстан компартиясынын Борбордук комитетинин биринчи секретары жана өкмөттүн төрагасы болуп иштеп турган.

“Түркмөнбашы” деген ат менен таанылган Түркмөнстан Компартиясынын БКсынын биринчи секретары, өз аты-жөнү Аннаниязов Сапармураддын , “Сардар” жана “Түбөлүк Улуу Түркмөнбашы”деген да расмий аты болгон. Ал Түркмөнстанды 1985-жылдан 2006-жылга чейин башкарган. Ажал деген акыйкатты Конституцияга оңдоо киргизүү менен же болбосо псевдошайлоолор аркылуу токтотуп калууга мүмкүн эмес экен. “Рухнааманын” авторун президенттиктен өлүм арачалап калбаганда, анын салтанаты бул күндөрдө да уланып жатмак беле...

БКнын Азербайжан Компартиясынын биринчи секретары Гейдар Алиев бул постсоветтик өлкөгө 1993-жылы биринчи президенти болуп, өлөр-өлгөнчө, т.а., 2003-жылга чейин башкарды. Андан кийин президенттик тактыны анын уулу Ильхам мурас катары өткөрүп алып, ушул күнгө чейин эки тизгин бир чылбырды колунда кармап турган чагы. Такты ээлерин президенттик ак сарайлардан бутун алдыга каратып алып чыкканга чейин өз ыктыяры менен чыгып кетет деп эч ким үмүттөнбөйт.

Мындай акыбал бир аз айырма менен Белорусияда да байкалат. Александр Лукашенко 1994-жылы президент болгон. Ал Компартияны жетектеген эмес. Компартиянын катардагы мүчөсү кезинде ГКЧПга каршы добуш берген. Бул постсоветтик өлкөдө президенттик макамы расмий киргизилгенге чейин Жогорку Кеңешинин төрагасы болгон. Лукашенко ушул убакытка чейин президенттик тактыны ээлеп келе жатат. Жакында кезектеги президенттик мөөнөттү камсыздагандан кийин өлкөнү дагы беш жыл башкаруу үмүтү бар.

## Абсолюттук бийликтен бузулбаган адам жок

19-кылымда англиялык тарыхчы Джон Актон “Бийлик адамды бузат, ал эми абсолюттук бийлик адамды абсолюттук деңгээлде бузат” деп айткан экен. Анын сөздөрүнүн акыйкат-чындык экенине постсоветтик лимитрофалардагы (башка мамлекеттердин таасиринде жашаган өлкө) саясий режимдердин орношун көргөндөн кийин ишенесиң. Мунун эң эле көрүнүктүү мисалы – Түркмөнстан.

Мындай лидерлер бийликте калуу үчүн өздөрүнө миң бир шылтоо табышат. “Ашууда (кечмеликте) ат алмаштырбайт”, “Бийлигиңе тойдум, бирок ...”, “Жардын кырынан алыстатайын”, “Баштаган ишти бүтүрүү зарыл”, “Бизден башка ким кылат”, “Эл суранып жатат”, “Дүйнө тынч эмес” ж.б.у.с. шылтоолор менен жарандардын формалдуу добушуна ээ болуу максатында ар бир шайлоодо буга окшогон ураандарды колдонгонуна күбөбүз. Чындыгында, сөз жарандар жөнүндө эмес, букаралар тууралуу болуп жатат. Букаранын укуктары жок, милдеттери гана бар шекилдүү. Легитимдүүлүктү камсыз кылыш үчүн тиешелүү процедурада жөн гана көзүн жылтыратып көрүнүп коюулары керек. Мындай электораты бар өлкөдө абал көзөмөлдөн чыгып кеткен күндө да, бийлик ээлеринде үстүртөн реформаларды жүргүзүү менен суудан кургак чыгып кетүү мүмкүндүгү бар.

## Батыш демократтарынын кубулушу

Постсоветтик лимитрофаларда мурда эч качан болбогон нерсени жасап жиберүү популизми эң жогорку иш деп саналган. Мындай жетекчилер 1991-жылга чейин эле артка кетүү менен бузулууну кайра жаралуу катары көргөзүп келишкен. Коммунисттик партиялык билеттерин улуттук атрибутика ташыган кийим кечеге же башка ушул сыяктуу нерселерге алмаштырган башкаруучуларга постсоветтик аймактагы жаңы коллегалары менен Батыштык кожоюндары кубанып жардам бере баштaшкан. Коллегасы Сапармурат Ниязовдун музейиндеги татыктуу коноктор кол жазмасын калтырчу китебине Лукашенконун калтырган билдирүүсү буга типтүү мисал болуп бере алат. Лукашенко өзүн С.Ниязовдун шакиртимин деп таанып: “Түркмөн эли биринчи президенти жакшы чыккандыгы менен бактылуу. С.Ниязов Түркмөнстандын Улуу Кайра Жаралуу Доорунун ишенимдүү пайдубалын түптөгөнүнө ишенем”, - деген жазуу калтырган. Кийинчерээк Лукашенко экинчи түркмөнбашы Г.Бердымухадовго да ушул маанидеги куттуктоо жөнөткөн.

Түркмөнстандын мунай-газ корлору бар, ал эми Лукашенкодо булар жок. Бул себептен улам Түркмөнбашынын мураскору менен Брюсселде ЕКнын төрагасы Жозе Мануил Баррозу, Бенита Ферерро-Вальднер, Питер Мандельсон, НАТОнун башкы катчысы Яап де Хооп Схеффер жана башка эркиндик, адам укуктарын жактоочулары жолугуп, аны таанышты. Белорустардын жетекчиси алар үчүн диктатор, бирок түркмөндөрдүн жетекчисине эч ким үн катпайт.

## Башкалардын оригиналы эмес, көчүрмөсү гана болосуң

Постсоветтик лимитрофалар уникалдуу эмес, Африкада да мындай режими бар өлкөлөр аз эмес. Алар дагы БУУга мүчөлүктө турушат. Батыштын бизнесмендери булар менен иш жүргүзүшөт. Муну пропагандалык боёк менен каптап жаап жашырышат. Бул сыяктуу актерлор Орусияны жасалма бөлүп-жарып, бөлүктөрүн неоколонияларга айлантууну норма катары кабыл алуусу мүмкүнбү? Элге каршы режимдерди орнотуу кайрылгыс процесспи? Жок андай эмес. Орусия элдеринин кылымдардан бери калыптанып калган идентификациялык кодун алмаштырып, аны жасалма орусчул идеологияга толук алмаштырсак да, баары бир швейцарлардын же батыш европалыктардын жашоо шартына жете албайбыз.

Мисалы, постсоветтик Белорусиядан кичинекей Швецарияны жасап чыкса болобу? Белорусиянын Полесьесинин берекеси төгүлгөн талааларын Швейцариянын Альпыларына алмаштырууга болобу? Жок. Эч мүмкүн эмес. Анткени Швейцария башка өлкөлөр сыяктуу эле кайталангыс жана уникалдуу өлкө. Эч качан цивилизациялык кодду өзгөртүүгө болбойт.

“Белорусия цивилизациясы”, “Улуу Түркмөнстан” сыяктуу жомокторду чыгара берсе болот. “Рухнааманы миллиондоп тираждап чыгарып, ыксыз “улуттук символдор” менен жарышкан күндө да мунун эч кандай мааниси жок. Лимитроф өзүнүн табияты боюнча жашоого ылайыксыз. Анын улуу держава катары өнүгүшү үчүн эч кандай объективдүү ресурстук базасы жок. Алтындын буусу менен каптап чыксаң да жасалмалуулукту жашыра албайсың. Улуттун гуманитардык кыйроосун эч канча нефтедолларлар менен токтото албайсың.

## Алдагандар жана алдангандар

СССР таркагандан кийин Назарбаев, Лукашенко, Каримовдон башка жетекчини көрбөгөн ишенчээк муунду жасалма демократиялык процесске катышкыла деп ишендирген адамдар, элин чоочун кызыкчылык үчүн, чоочун эрежелер менен чоочун бийликтин оюнун ойноого түртүп жатышканын жакшы билиши керек. Сөзсүз түрдө шайлоо процессине жарандын катышуусу маанилүү нерсе. Бирок жаран бул процесстин реалдуу шарттары камсыз болгондо гана барышы керек. Ал шарттар: эркин, аң-сезимдүү, атаандаштыктын негизинде тандоо.

Чындыгында реалдуу жарандык укуктардан ажыраган псевдреспубликалардын жарандары абалды өзгөртүүгө мүмкүнчүлүктөрү бар. Тарыхта буга көп мисал бар. Туура максатты сезе билүү жана аны жеке өмүрүнөн да жогору коюу букарага эмес, жаранга гана таандык.

Саясатчылар жана жылкылар

Нукура кыргыз баласы аттын кулагы менен тең ойноп чоңоёт. Калың журтка төбөсү көрүнүп калган азаматтар арасында атка ышкыбоздор аз эмес. Бул эмне – модабы же чындап эле улуттук оюндар жандануудабы? Көк бөрү федерациясынын төрагасы Канатбек Исаев камбар ата тукуму - жылкы баласы, ат спорту тууралуу маек курду

# К.Исаев: “Ат менен алыска чыксак болот”



РАХАТ АКМАТОВА

**– Сизди саясатчы эле эмес, ат оюндарынын ышкыбозу катары да билебиз. Атка кызыкпаган кыргыз баласы жок болсо керек. Жылкы баласына тестиер кезиңизден жакынсызбы?**

– Жылкы баласына жакындыгым бала кезден эле эмес, эненин каны менен келсе керек десем туура болот го. Анткени кыргыздар миң жылдап ат үстүндө өскөн. Ошол себептен кыргыз болгондон кийин ат менен жаныбыз бир десек деле жаңылышпайбыз.

**– Азыр жылкы баласынын накта баасы чыккандай болду. Чапканга, улак тартканга, ал турсун союшка да жылкы баласы кымбат. Сыр болбосо, канча атыңыз бар, кайдан жана канча сомго сатып аласыз?**

– Жүздөн ашык жылкым бар. Атайын улакка деп ат сатып албайбыз, бирок асыл тукум жылкы өстүрөбүз. Канды жаңыртып селекция жүргүзүү үчүн асыл тукум жылкыларды алып турушка мажбурбуз. Анткени өзүнүн каны аралашпаш керек. Ошол себептен жыл сайын Германиядан, Россиядан жаңы англис таза кандуу жылкыларды алып келип турабыз. Өзүбүздүн тукуму таза кандуу жылкыларыбыздын саны жетиштүү. Болгону жаңы кан катары биз жыл сайын жаңы айгырларды алып келип турабыз.

**– Көк бөрүдөгү эң атактуу аттардын бири “Лексус” сиздики деп айтышат. Бул атты кайсыл жерден жана канча сомго сатып алгансыз?**

– “Лексустун” түбү Аламүдүн районунан. Бышты кезинде болгону 50 миң сомго эле алгам. Бүгүнкү күндө ал кыргыздын сыймыгы болуп баасы 70 миң долларга чейин чыкты. Биздин курама команданын мыкты аттарынын бири. Бүгүнкү күнгө чейин бир айда бир жолу “Лексусту сатпайсыңбы” деген сунуштар байма бай келип турат.

**– Чабылчу аттарыңызды кайда кармайсыз, саяпкериңиз, жылкычы бозойлоруңуз барбы?**

– Албетте, жанагынча көп жылкы кармагандан кийин жылкычылар, саяпкерлер бар. Токмокто чарба бар, ошол чарбада кармалат аттар.

> Көк бөрү – фишка боло турган спорт. Жөн гана спорт эмес, кыргыздар үчүн идеология, тарых.

**– Эми кеп учугун улуттук ат спорту боюнча улагым келет. Кыргызстанда ат оюндары жандануда. Азыркы абалы, келечеги тууралуу эмнелерди айтасыз?**

– Биз кылымдан кылымга жылкы менен чогуу тиричилигибизди жүргүзүп келгенбиз. Өмүрү атка минип көрбөгөн шаардык кыргыз балдар деле улуттук ат оюндарына кайдыгер мамиле жасашпайт. Кыргыздын миң жылдап келе жаткан гениндеги сезимдерди өчүрүп коюш мүмкүн эмес. Эгемендикке ээ болгондон кийин улуттук ат оюндарыбыз кайра жаңы күч менен жандана баштады. 70 жылдык Союз учурунда аттан алыстатканга аракет кылышкан, ошондой саясат болгон, улак тарттырбай тыюу салдыртышкан.

Азыр улуттук ат оюндары жаңы деңгээлге чыга баштады. Мурун эрежелер жок болчу. Эрежелер бекигенден бери он жылдап убакыт өтүп, анан бир калыбына түштү. Командалар ортосундагы мамилелер, оюн эрежелелери боюнча регламент иштеп чыкканбыз. Кадимкидей эле спорттун түрү катары калыптанып калды. Биз Кыргызстандын деңгээли менен чектелген жокпуз, эл аралык жогорку деңгээлге чыгат деп ишенебиз. Эл аралык көк бөрү федерациясы түзүлгөн, ага 14 мамлекет мүчө. Мурдагы жылы Азиянын биринчилиги Астана шаарында өттү. Азыр эл аралык турнирлер болуп жатат. Башка дагы мамлекеттер жогорку деңгээлге чыгарабыз деген ойдо. Эл аралык федерациянын эрежелерин, календардык–планын бекиткенбиз. Чет элдиктер да көп келип жатат, демек,бул келечекте Кыргызстанга туристтерди тарта турган, Кыргызстанга фишка боло турган спорт болот. Керек болсо бул жөн гана спорт эмес, кыргыздар үчүн идеология, тарых. Анан бул оюндун экономикалык мааниси өтө күчтүү. Анткени миллиондогон туристтер көк бөрү аркылуу кыргыз жерине келет деген ишеничтемин.

**– Көк бөрүнү бир кезде эл аралык саябанга чыгаруу аракети башталып, анан токтоп калгандай болду. Мунун себеби эмнеде?**

– Аракеттер токтолгон жок, бирок казак менен кыргыздын ортосунда анча–мынча наразылык болуп кеткен. Астана шаарында өткөн оюнда калыстык болгон жок. Калыстар тобу баш байгени күчкө салып эле казак курама командасына алып берип коюшкан. Эми сөздүн ачыгы: эң күчтүү эле казак менен кыргыздын командалары. Ошондон да федерациянын иши басаңдай түштү десек жаңылышпайбыз. Эми буюрса кайра башталат.

**– Көк бөрү көчмөндөрдүн, айрыкча кыргыздардын жанбирге оюну десек аша чапкандык болбос. Сиз көк бөрү федерациясынын төрагасы болгонуңуздан бери эмне өзгөрүүлөр болуп жатат?**

– Эң негизгиси: бизде рейтинг маселеси жок болчу. Ар бир чоң турнирдин астында биздин команда күчтүү деген талаш–тартыш болчу. Биз он жылдык рейтингдерин иштетип чыктык. Ар бир команданын ар бир турнирде өзүнүн баллдары бар. Ээлген орунуна жараша упайларга ээ болот. Ошол баллдар жылдап эсептелет. Анан ар бир команданын рейтинг системасын иштеп чыкканбыз. Командадан командага ат же оюнчу жөн гана өтүп кетпейт. Курама команда кантип куралат – ошонун баарынын эрежелерин иштеп чыкканбыз. Байге фонддорун да көтөрдүк. Анткени көк бөрү чоң чыгымдарды талап кыла турган спорт. Байге фондун да ар бир турнир сайын жакшы деңгээлде уюштуруп атабыз.

**– Байге фондуна каражат мамлекеттик казынадан бөлүнөбү же демөөрчүлөрдүн эсебиненби?**

– Мамлекеттик казынадан жалпы уюштуруу иштерине эле бөлүнөт. Байге фонду көп учурда демөөрчүлөрдүн күчү менен уюшулуп атат.

**– Көк бөрүнү эл аралык аренага чыгарбоо аракети да бар деп айтылат. Анткени, кезинде көп улуттар өз оюндарын олимпиада түрлөрү кылып каттатып алышкан да, аларга конкуренция кереги жок болсо керек. Бир жагы айбанаттарды коргоочулар улак тартылат деп каршы экен. Улактын ордуна ошого окшош нерсе жасаса болбойбу?**

– Бул эми биздин салт. Европа мамлекеттери өздөрү чечет улак тартабы же анын муляжын тартабы. Биз деле тирүү улак тарткан жокпуз да. Европа мамлекети Испанияда элдин көзүнчө эле корридада тирүүлөй букаларды өлтүрүп атышпайбы? Биз болсо мууздалгандан кийин тартабыз, тирүүлөй тарткан жокпуз да. Баалулуктар эки стандарттуу болбош керек.

*(Уландысы кийинки санда)*



# Күнөө апамда...

Бир ойчул: "Бүгүнкү күнүбүздүн бетине сүйкөлгөн кара көөсү сыяктанган анархист, зыянкеч адамдар - кечээ күнү кайдыгер ташталып калган жаш балдар", - деп айткан экен. Бул сөздүн чындыгы канча ирет далилденип келет. Бирок...

ЖАЗГҮЛ ЖАМАНГУЛОВА

## Ал кезде уулун каргагым келген

Анда жергиликтүү бир үналгыда иштечүмүн. Болжолу андан бери беш жыл өтүптүр. Бир учурда жөн жай эле күндөлүккө белгилеп койгон бул окуя бүгүн өзүм эне болгон кезде мени терең ойго салды. Анан жазгым келди.

Токмок шаары... Журналисттик иш менен жүрүп, жалгыз баласы көчөгө таштап кеткен кемпирди жолуктурдум. Бети-башы көгала, каңырсыган жагымсыз жыттан жанына көпкө чыдап олтура албайсың. Кудум кошокчулар сыяктуу бир нерселерди кейиштүү муңканып ырдап, анан арада "Эч нерсем жок, жадесе мына бул таякты да өткөндө бирөө берип кетти" деп ыйласа, зээниң кейийт. Балдарына, жакындарына эмес, "бирөө берген таякка" сүйөнүп, карылык сыйдан кагылган эненин көргөн күнүн душманга да ыраа көрбөй турдум. Көпкө сүйлөшкүм келди, бирок апанын булдуруктаган тили менен сүйлөнгөн көп сөзүн мен түшүнө албай койдум. Эки жылдан бери көчөнү байырлап жүргөн бул эне тууралуу кеңири билүү үчүн автобекеттин тегерегинде жашаган, иштегендердин көбү менен сүйлөштүм. Арбын маалыматты Токмокто көп жылдан бери жашаган Сайкал эже берди: "Бул апа дээрлик эки жылдан бери Токмоктун автобекетин байырлайт. Уулу орус аялын ээрчип кеткен. Ичпейт... Ошон үчүнбү ары-бери өткөндөр боору ооруп, колунда барын берип кетет. Бирок жанагы жаш кайырчылар жула качып кетип атышпайбы, шумшуктар. Билбейм, убал эле болду байкуш кемпирге. Мен жалгыз жашагандыктан боорум ооруп, бир нече жолу үйгө киргиздим. Жуунтуп, кийимдерин алмаштырдым, бирок дайым эле кароо колуман келбеди. Былтыр карылар үйүнө алып баралы десек өзү болбой койбодубу"...

Сайкал эже мага анын бардык тарыхтаржымалын мына ушундайча божурап олтурду. Кемпир калды, мен шаарга кеттим. Жолдо катар оюмда бир гана кайырчы кемпирдин тагдыры айланып турду. 80 жаштагы энени автобекетке таштап, аялын ээрчип Орусияга кете берген немени сызгырылта каргагың да келет экен. Бирок анте албадым. Анткени ошол эле учурда башымда мына бул суроолор айланып жаткан болчу: Бул эне өзү учурунда кимдин каргышына калды экен? Жаш курагында эмнеден ката кетирди? Баласы боюна бүткөндөн төрөгөнгө чейин же төрөгөндөн бой жеткенге чейин уулуна кандай тарбия берди экен?.. Ошол кезде мен бул суроолорго жооп бере алган эмесмин.

## Биологиялык жана чыныгы эне болуу

Эне – бүтүн адамзаттын биринчи мугалими. "Дарак түрүнүн сакталышында урук жана данеги кандай мааниге ээ болсо, адамзаттын жашоосунун уланышы үчүн да бала ошондой мааниге ээ" деп айтылат бир китепте. Ал эми "Үй-бүлө" деген китепте "Таалим-тарбия тууралуу маалыматы жок ата-эненин колунда өскөн баланын абалы аянычтуу. Үй-бүлөнүн деңгээлин даана чагылдырган күзгү – бала. Балдардын уятсыздыгы жана бейбаштыгы ал тарбия алган булактын булганыч экенинен кабар берет" деп айтылат. Ооба, ал булактын эң негизги аты – ЭНЕ. Ал эми бала үчүн эне – тарбиячы. Эне – ашпозчу. Эне – кызматчы. Эне – дос. Эне – кеңешчи. Эне – аалам. Эне – сулуу. Эне жалгыз гана анын энеси. Ары назик, ары жагымдуу, анан жылуу угулган бул сөздүн артында мен-мен деген эр жигиттер көтөрө алгыс "Эненин жоопкерчилиги" деген опол тоодой жүктүн бар экенин билсек кана?! Кыз бала биологиялык эне болуп калуусу жеңил эле экен. Бирок чыныгы ЭНЕ болуу бактысына баары эле татыктуу боло бербейт тура. Кудум мени бүгүнкү каарманым сыяктуу. Эми бул жерден адистерге кулак салалычы...

№1 үй-бүлөлүк дарыгерлер борборунда 15 жылдан бери балдар дарыгери болуп иштеген Бактыгүл Жанкойлиеванын айтуусуна таянсак, ар бир бала бул ааламга өз учурунда келиши керек. Демек, баласы жарыкка келгенге чейин эле "татыктуу ата-эне" болууга даярдык көрүүсү зарыл. Өзгөчө эне... Ден соолугу бекем энеден, дени-карды соо бала туулат. Медицинанын тили менен айтканда, эненин жатынына түшкөн бир клетка – бул адамдын башталышы, түйүлдүк. Түйүлдүк түйүлгөн биринчи күндөр "кооз айлар" деп аталат. Айрыкча алгачкы төрт ай же 12 жума эне өзүн жакшы карап, зыяндуу нерселерден баш тартып, баарына этият болуусу керек. Ымыркайдын кайсы бир мүчөсү жаңыдан жаралып жаткан учурда эне айрым катачылыктарга жол берген болсо, өмүр бою анын ошол мүчөсү майып болуп калат. Бала курсактагы кезден эле анын сезүү органдары күчтүү болгондуктан, дарыгерлер бала менен кудум чоң кишидей сүйлөшүү керектигин айтышат. "Бала кыймылга келгенге чейин баланын жаркын келечегин, тагдырын, кулк-мүнөзүн, кебетесин, жан дүйнөсүн Жаратkандан тиленгиле" деп айтышат дин өкүлдөрү. Ушундан улам тээ бала күндөгү коңшу апанын "Атаңгөрү ай, баланы тууйт экенсиң, бирок кыялын кошо туубайт турбайсыңбы" деген жаңылыш макалын эстеп кеттим. Көрсө, кичинекей бир клеткадан адам болуп калыптанганга чейинки тарбиялоо процессинде медицина менен дин энелерге бири-бирин толуктаган негизги бир түшүнүктү эскертет экен. Бала төрөлгөндөн акыл токтотуп адам болгонго чейинки аралыкта курсактагы кезден да эки-үч эсе чоң жоопкерчилик бар экенин бала тарбиялоо тууралуу китептердеминтип жазылган: "Ой, айланайын ата-энелер, балдарыңарды тарбиялоодон мурун өзүңөрдү тарбиялагыла. Балдар сөзгө караганда көз менен, кыймыл-аракет менен дүйнөнү кабылдайт. Сен кандай болсоң, балаң сендей болот. Тактап айтканда, "Алма сабагынан ашып түшпөйт".

## Баланы да, анын кыялын да кошо төрөө

Ата-энелер өздөрүнүн карьераларын, үй, машина алууну кандай пландаса, балдарына таалим-тарбия берүүнү да ошондой пландаштырып, бул багытта кеңеш берген адистерге кайрылуусу керек. Бул дүйнөгө келген баланын өсүшүндө балдардын дарыгерине кайрылып, «Ушул аптада же ушул айда кандай азыктар берилиши керек?» деп, режимге көңүл бургандай эле бала тарбиялоо маселеси тууралуу дагы ушул жааттагы адистерге кайрылып, «Беш жаштагы бир балам бар... Он жаштагы балам бар... Он беш жаштагы балам бар. Кандай тарбия беришим керек?» деп кеңешип иш кылуу керек. Айланайын апалар, өзгөчө жаш апалар, бала менен кошо анын кыял-жорук, кулк мүнөз, жан дүйнө, сулуулугун бүтүн төрөп алууга мүмкүн. Бул аңдаган адамга "төрөп адам санына кошконго чейин да мыкты тарбия бере аласың" дегендик.

## Тикенек басып, кароосуз калган бакча жана 80 жаштагы эне

Урматтуу окурманым, булар мен оюмдан чыгара калган ойлор эмес, акылдуулар жашап да, жазып да кеткен турмуш чындыгы. Турмуш сабактары... Ал эми мен өзүм алтындай аялзатын, урматтуу энелерди бир саам, керемет бир бакчага окшоткум келет. Бакчага баарын эгип, өстүрүүгө болот. Элестетиңиз, эгер кайсы бир бакчада жыты аңкыган гүл, таптаттуу мөмө-жемиш, мырза терек, шагы ийилген жемиш бактары өсүп турган болсо, ким гана суктанбасын? Ким гана алкап, ким гана алкышын төкпөсүн? А эгер бакчаны коко тикендин түрлөрү, уйгак, чырмоок, ар кандай отоо чөптөр басып, каралбай калган болсо, жанынан өтүп бараткандар бакчанын ээсинин шалаакылыгына кыжырданып, урушуп, сөгүп же ичинен боору ооруп, көңүлү чөгөөрү турган иш да, туурабы? Мен сөз башында баяндаган коко тикенек баскан кароосуз бакча менен анын 80 жашка чыгып калган ээсине бүгүн боорумду ооруткум керекпи же каргайынбы? Сиз эмне дейсиз? Себеби БАЛА өсө турган бакчанын бир гана ЭНЕ деген ээсин билебиз!!! Баланын атасынын да, курчап турган коомдун да балага таасири бар болгону менен баланын энесинчелик таасирдүү БАГБАНЧЫНЫ кезиктире албайбыз.



# Айкөлдүн сүйүүсү - 11

## Айкөл бүгүн маркум уулдарын эскерип, Куран окутту

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ

Тээ илгери так ушул Руслананын үй-бүлөсү бейкүнөө канга бөлөгөн уулдарын эскерди. Айтмакчы, бул тууралуу Руслана уккусу да келбейт. Качантан бери «Чогуу жашайлы. Бирге бололу» деп келгени менен бир да жолу ошол жакындыгын көрсөтүп кечирим сурап койгон эмес. Өлгөндүн кунун төлөгөндү мындай койолу, жөн гана көңүл айтып койгонго да жарай элек. Атайын ушундай тоготпос мамиле кылабы же мындай акмакчылыкка жедеп көнүп алганбы, айтор түшүнүксүз. Деги бу Айкөл илгертен эле «Руслана менен дос болсоң, алды-артыңды карай жүр» деп сактанып калган. Бирок баары бир, аялдын амалы кырк эшекке жүк демекчи, Руслана кууланып, култуңдап жүрүп, Айкөлдү алдаганы-алдаган. Кээде амалданып алдайт, кээде кадимкидей эле муштум кезеп, кабак түйүп опузалап алдайт. Анын үстүнө алар чоң үй-бүлө, булар болсо өтө чакан. Чондугунан деле коркчу эмес эле, атаганат, убакыттан уттурган экен илгери.

Ооба, тээ илгери Айкөл айкөлдүгүн кылып, эч кимге жаман оюу жок, жыргап кымызын ичип, этин жеп жайлоодо жатканда бу Руслана үй-бүлөсү менен окуп-чокуп, курал-жаракка катуу умтулушкан экен. Анан акырындап, тоо этектей жылып, мунун үйүнө келе башташты. Алгач калп эле ары-бери өткөн киши болуп келишти. Чайнагүлдүн үйүнө кетчү жолду сурап, аны менен аласа-бересеси бар немедей келип жүрүштү. Андан кийин «Жайытың менен бакчаң сонун экен. Көрүп кетели» деп мактай башташты. Айкөлдө болсо дегеле санаа жок. Алдына атын берип, үстүнө чапанын жаап, май көл, сүт көл кылып тосуп алат, алар келген сайын. Меймандос жаны жаңы мейманды көргөндө ого бетер көңүлү ачылып, кебине куштар болот. Руслана тарапка болсо, бул ого бетер жага бербей калат. «Иши оңолоордун ити чөп жейт» демекчи, анча-мынча сактанып, коркуп турган немелер мындай алабарман, ак жүрөктүктү көргөндө көөндөрү ачылып, ого бетер күргүштөп келе башташат. Акырындап ымала түзүп, акырындап танапташ болуп, акырындап казан-аякка аралашат. Айкөл болсо дагы эле кенебейт. Бычак сураса кынын кошо берет. Кымыз сураса жылкысын кошо карматат. Атаганат, анча-мынча сактык кылып койсо эмне? Көрсө, котур ташын койнуна ката жүргөн Руслана ошондо бычагынан мизин байкап, жылкысынан күлүгүн тандап жүргөн тура. Короосунун узун-туурасын ченеп, жайытынын жагдайын байкап жүрүптүр. Кайсы жерге ала дөбөтүн байларын, кайсы жерге айгырын аркандарын болжоптур. Кайсы өргөөнү өрттөп, кайсы өргөөнү калкалаштын айласын кылыптыр. Ал тургай анын ээн баштана калган балдары айрым учурларда кокту-колоттон жолуга калган Айкөлдүн уулдарын жалгыздап кармап, төбөсүн каңдаганды да өнөр кылган экен. Аны Айкөл эрөөн-төрөөнгө да албайт. «Алты күндүк өмүрдө алышпаган жан барбы?» деп койот. «Коногум кичине билбестик кылыптыр, айланайын балам, оң колуңдун ачуусун сол колуң менен бас» дейт. Деги оюнда кенедей жамандык жок. А Руслана тарап минткен сайын мурдагыдан да күч алат. Акырындап тигини уруп, буга шылтап, муну сөгүп, тигиге жаңдап, ортого от сала баштайт. Ошентип отуруп Айкөлдүн түндүк жайытын жердеген эки чоң уулу Бугубек менен Сарбагыштайды бири-бирин мушташтырганга чейин жетет. Охоо, ошондогу Руслананын амалы кырк эмес, алты кыз эшекке жүк болду бейм. Бир жактан экөөнү бирибирине тукуруп, бири-бирине жамандап коюп, бир жактан «Кана кимиңе болушайын? Кимиңдин камчыңды чаба калайын?» деп, тим эле өнтөлөп турду го, чиркин. Акыры бири-бири менен мушташа берип, мушташа берип, жаны кашайган Бугубек менен Сарбагыштай биринен бири озуп, биринен бири озуп, өнтөлөп Руслананын босогосуна барды. А Айкөл болсо, буга деле кабагым-кашым деген жок. Ниетинде «деги ушул экөөнүн чыры басылса болду» дегендей, тигил жаңы келген меймандан дагы эле шек-күмөн кылбай отура берет. Ошону менен булардын кабак-кашын байкап, тамырын тартып алган Руслана барабара Айкөлдүн бүтүндөй балдарын өзүнө имерди. Балдары толук имерилип берген соң Айкөлдө арга барбы? Билип-билбей, түшүнүп-түшүнбөй эле акырын Руслананын ыгына көндү. Баса, башында баары эле жакшы ойдо болчу. «Балдарымдын ынтымагын сактайт. Тартипке салат. Кошуналардын ууру-кескисинен ман-жанымды коргойт. Анан эң негизгиси, балдарымды окуп-чокуганга көндүрөт» деген ойдо болгон. Албетте, бул жерде Руслана деле өз акысын алмак. Себеби алгач келгенинде ал Чайнагүл менен соода-сатык кылыш үчүн Айкөлдүн короосунан жол берүүсүн сураган. Айкөл ага сураганын берди. Андан сырткары жаңагы иштери үчүн салык сурады. Айкөл ага да макул деди. Сураганын берип ынтымакта жашайбыз деп ойлоду. Дагы эле көптү сураган жок. Дагы эле жулундап жутунбады. Бир гана Руслананын алкымы тойгон жок. Ал наркы коңшусу Датчагүл менен катуу чатакташкан жылы мунун балдарын да чабышка катыштыргысы келди. Мына ушунусу чектен чыккандык болду. Ансыз деле сураганын берип турушса, ансыз деле анын алдына ат тартып, үстүнө чапан жаап турушса, эми минтип бирөө менен чатакташканына да аралаштыргысы келгени эмнеси? Атасы таанызбаган немеге кылыч көтөрүп, найза саюуга Айкөлдүн дити барабы? «Жок» деди Айкөл кескин. Уулдары да каршы чыкты. Бирөөсү да Руслана үчүн колун булгагысы келген жок. Мына чатактын баары ошондо башталды. Кул кутурса төбөгө чыгат демекчи, кечээ эле сыпаа тартып кирип, сыпаа тартып чыгып аткан Руслана ошол күнү өзүнүн анык жүзүн көргөздү. Жедеп арака тоюп, түтүнгө ышталып бүткөн абийирсиз уулдарын катар-катары менен жиберип, Айкөлдүн бейкапар жаткан короосун кызыл-жаян канга бөлөдү. Кой-ай дегенге карабай, топтобу менен кырып, сабап отуруп, Айкөлдүн уулдарынын тең жарымын өлтүрүп, тең жарымын Чайнагүлдүн короосуна чейин сүрүп барып киргизип жиберди...

Ал күндөр эми эч качан эсинен чыкпаса керек. Көзүнүн жашы он талаа болуп агып, кан жанынан бүткөн уулдарын коргой албай мүңкүрөп турган күнүн кантип унутсун?! Канча уулу бейкүнөө өлүмгө дуушар болду? Канча уулу көмүлбөй ара жолдо иткушка жем болду? Канча уулу бир үзүм нанга жетпей ачкалыктан о дүйнө кетти? Канча уулу Чайнагүлдүн уулдарына кор болуп, кулуна айланды? Баары Айкөлдүн эсинде. Эч бирин унуткусу келбейт. Бир гана Руслана ал күндөрдү кудум болбогондой кыйшаңдайт. Бир гана Руслана тим эле эзелтен ынак достордой көзүн жымыңдатат. Же атайылап тоготпой атканы белгисиз, же чын эле мындай акмакчылыкка кабагым-кашым дебей көнүп бүткөнү белгисиз. Эгер атайын тоготпой атса, анда мунун бүгүнкү достугу кайсы? Эгер мындайга жедеп көнүп бүткөн канкор, мыкаачы болсо, анда ага эртеңки күндү ишенүүгө болобу?...

Айкөл санаага батып отурду. Кантиш керек? Канткенде азуулууга чалдырбай, тырмактууга алдырбай чыгыш керек? Деги бул Руслананын айыбын бетине айтып, качанкы кастыгын айтып, укугун талашса болобу бүгүн? Же антсе кайра эле ошол жүз жыл илгерки азап-кордук башына түшөбү? Эми бутуна туруп, тай-тайлап басып калган уулдары кайра Руслананын кутурган уулдарына жем болобу? Деги бул оңой жоо эмес болуп чыкты. Ал азыр ошол кездегидей айбандыгын кылып, тегерек четке жаман көрүнбөй эле тындым кылып коюшу мүмкүн. Кебез менен мууздаганды үйрөндү ал азыр. Мына, Айкөлдү мурунку боордоштору менен кадимкидей жоо кылып койгон. Өзүнүн эле тууганы Сарткул азыр буга атасын өлтүргөндөй ызырынып турат. А тиги Баурбек болсо, тим эле көктөн түшкөндөй манчыркаганы-манчыркаган. Руслана менен колтукташа басып, кыналыша отуруп, муну мурдун көтөрө карайт. Бир нерсе болсо ошол биринчи эшигин бекитет. Артында болсо акшыңдаган Чайнагүл. Эки чайнап, бир жутчудай, тим эле бир дем менен оп тартчудай көзүн кызартып желкесинде турганы-турган. Ушундай маалда кантип эски кегимди алат элем дейсиң? Жок... Койо туруш керек... Алдап киргенди алдап чыгарбаса болгудай эмес. Айкөл эми билип калды кимдин-ким экенин. Илгеркидей кимге болбосун кулач жайып, төшүн тосуп чыга турган мезгил өткөн эчак. Эми кудум өздөрүнө окшоп амалданып, өздөрүнө окшоп тымызын кыймылдачу убак. Нары карап ыйлап, бери карап күлүп туруп, кабырганын кайышканына тиштене чыдап туруп, өйдөнү карай өбөктөчү күн бүгүн... Короосунда кыбырап жүргөн уулдары гана ушуну эртерээк сезип, эртерээк ойгонсо болгону. Ансыз да эртеңки күндүн азабын да, жыргалын да көрөөр ошолор. Эми ошолор бир тилге келип, алдыга жылса болгону...

**Сунуш жана пикирлер үчүн:**
**saresepaikol@mail.ru**

# Сергектиктин сырларынан

**1. Суунун жетиштүүлүгүнө маани берүү**

Күнүнө 1,5 литр өлчөмдөгү суюктук ичүү ар түрдүү оорулардын алдын алат. Суунун жетишсиздигинен көпчүлүк органдардын иштөө функциялары бузулат. Аны көп иче албагандар курамында көп суюктук болгон коон, дарбыз, апельсинге окшогон жашылча-жемиштерди жесе болот.

**2. Витаминдердин пайдалуулугун билүү**

Спорт менен машыгууда, кош бойлуу убакта же тамеки тартканда адамдын организми витаминге көбүрөөк муктаж болот. Чылым чеккен айымдар чекпегендерге салыштырмалуу С витаминине 50%, Е витаминине 40% муктаж болушат экен.

**3. Мончого түшүү**

Мончого түшүү стресстен арылтат. Андагы буу теринин көзөнөкчөлөрүн кеңейтип, ашыкча заттар тери аркылуу сыртка чыккандыктан жакшы тазаланат. Ошондой эле булчуңдар жумшарып, нерв системалары эс алып калат.

**4. Мобилдик телефонду мүмкүн болушунча аз колдонуу зарыл**

Телефондогу электромагниттик нурлануу адамга абдан көп зыян келтирет. Телефон аппаратын өзгөчө жүрөк, бөйрөк тушта кармабоо зарыл. Ал эми телефон чалгандан көрө кээде жөн гана SMS жазган да жакшы. Бул деп соолукка пайдалуу болуу менен бирге SMS алган адамга да жагымдуу болот.

**5. Эч качан шашылбастан, акырын басыңыз**

Эгер күн суук болгон убакта шашылып басып, жүгүрүп же болбосо велосипед менен жүрсөңүз тез-тез эле тердеп кетесиз. Мындай убакта терең дем алууга туура келет. Ал эми сырттагы абанын өпкөгө жылып киргүсү кыйыныраак болуп калат. Бул учурда адамдын организмине, т.а, өпкөгө суук өтүп калышы ыктымал. Ошондуктан, абайлаңыз.

**6. Адам сергектигин, ой жүгүртүүсүн 120 жашка чейин сактай алат**

Албетте, бул үчүн да күрөшүү керек. Кыймыл-аракеттин көп болуусу, акылдын курчтугу, эске тутуу жакшы бойдон калуу үчүн кроссворд, сканворддорду чечүү, эсепкысапка окшогон нерселер менен алек болуу (мисалы, маселе, мисал иштөө), көңүлдүн жайдары болуусу, өзүн бактылуу сезүү, күлүү зарыл. Өзүңүзгө болгон ишенимиңизди бекемдөөңүз абзел. Жан дүйнөдөгү тынчсызданну биринчиден, сырткы келбетиңизге таасир берет, экинчиден, стресске алып келиши ыктымал.

**7. Тынч уйку**

Уйку 8 сааттан аз болбоосу зарыл. Эч качан ач карын уктабаңыз. Жеңил гана азыктан бир аз жеп жатуу уйкуңуздун тынч болуусуна көмөк болот.

**8. Өзүн жакшы сезүүнүн идеалдуу формуласы**

Жагымдуу музыка даамдуу тамактай мээнин ошол эле бөлүктөрүн стимулдаштырат. Музык «бактылуулуктун гормонунун» башкача айтканда, эндорфиндин көп бөлүнүп чыгышына кошумча болот.

**9. Иммундук системаны күчтөндүрүү**

Жамгырлуу, шамалдуу күн болсо да таза абада көбүрөөк жүрүңүз. Суук иммундук системаны жакшыртат. Бирок мындай учурларда спорт менен машыгуу анча ыңгайлуу эмес. Мындай убактарда басып келүү жакшы натыйжа берет. Жуунуп баштаганда да, аягында да муздагыраак чайкаган пайдалуу.

**10. Кызыл түстүн сыйкырдуу күчү**

Өзүңүздү жаман сезип, мен эч ким эмесмин деп калган учурлар да болот эмеспи. Мындай учурларда кызыл түстүү кийим кийип көрүңүз, жакшы натыйжа бергенине ынанасыз. Кызыл түс активдүүлүктүн энергиясын таратып, адамды эрктүү кылып жана өзүнө болгон ишенимди арттырат.

**11. Буттун келишимдүү болушу жана анын оорубасы үчүн кам көрүү**

Вена варикозуна көбүнчө бийик така кийген айымдар дуушар болот. Же көпкө тике турган жумушта иштегендерде да бул оору көп кездешет. Муну алдын алуу үчүн кыймылдын көп болуусу зарыл, бутту бирибирине артып отурууга жана тар колготкилерди кийүүгө болбойт.

## Семирип кеткен адамдардын баштапкы нормасына кайтып келүүсү кыйын

Окумуштуулар бир жылдын ичинде семирүүдөн нормалдуу салмакка кайтып келүү мүмкүнчүлүгүнүн жогору эмес экендигин изилдеп чыгышты. Арыктоо эркектерде болжол менен жарым пайыз, аялдарда болгону 1,2 пайыз болгонун Улуу Британияда жүргүзүлгөн изилдөө тастыктап турат. Өтө толуп кетүү абалында арыктоо мүмкүнчүлүк мындан да аз болот. Изилдөөчүлөр семирүүдөн запкы тарткан оорулууларга сунушталган арыктоо ыкмаларынын эффективдүү эмес экенине жыйынтык чыгарышты. Лондондун "Кингс" университетинин изилдөөчүлөр тобу саламаттыкты сактоо системасына бул маселени баштапкы баскычында семирүүгө жеткирбей токтотуп калуучу жаңы саясатты иштеп чыгууга чакырды. Жетектөөчү изилдөөчү доктор Элисон Форд: "Улуу Британияда сунуш кылынган семирүү илдети аймактык врачтардын жардамы менен көзөмөлдөнгөн күрөшүүнүн ыкмалары көп учурларда натыйжа бербейт",- деп айткан. "Дарылоо салмактын көбөйүшүн азайтып, анын аз да болсо азайышын колдоп турууга багытталган", - дейт ал. Азыркы учурда каллориянын азайышына, физикалык жактан активдүүлүктүн жогорулашына негизделген стратегиялар ашыкча салмактан кутулуп, абалын өз калыбында кармап турууну каалаган оорулуулар үчүн иштебей тургандыгын белгилейт эксперт.

Семирүү менен күрөшүүнүн эң мыкты мүмкүнчүлүгү. Семирүүнүн алдын алуу - өлкө масштабындагы эскертүү болуп саналат. Изилдөөнүн авторлору 278 982 оорулуунун салмагына 2004-жылдан 2014-жылга чейин электрондук системасын пайдаланып, байкоо жүргүзүп турушкан. Бул жерден хирургиялык кийлигишүү болгон пациенттер тизмеден алынып салынган. Изилдөө учурунда эркектердин 1283ү, аялардын 2245и өздөрүнүн нормалдуу салмагына кайтып келишкен. Доктор Филдс: "Керектүү учурда салмактын азаюусуна үмүт берет. Жылына 12 эркектин бирөө, 10 аялдын бирөө 5 пайызга чейин салмагын жоготушкан. Ал эми маселе жаратканы, ушулардын айрымдары келерки беш жылда кайра толуп, салмак кошуп алышкан",- дейт. Изилдөөчүлөр бул эксперименттин катышуучуларынын үчтөн бири он жыл аралыгында салмакты азайтуу жана кошуунун бир нече айланпасын башынан өткөрүшкөнүн байкашкан. Изилдөөнүн жыйынтыктары American Journal of Public Health журналында жарыяланган.





## Бут кийимди туура тандаңыз

Биринчи бут кийим табигый материалдан болуусу зарыл. Абанын кирип туруусу үчүн булгаары же тыгыз кездемеден тигилгени абдан ыңгайлуу болот.

Бут кийимдин кончу кызыл ашыктан жогору болуп, бут анын ичинде ойноктобогудай болуусу зарыл.

Кызыл ашыктын томугу боо же илмек менен тыгыз байлануусу керек.

Бут кийимдин туюк, учу тоголок болгону ыңгайлуу, себеби жаш бала тез-тез мүдүрүлүп тургандыктан бармактарын оорутуп алуусу ыктымал.

Адатта балдардын сапаттуу бут кийиминде ортопедиялык супинаторго атайын коюлган батеги болот. Ал тамандын туура абалда болуусуна жана түз басууга жардам берет.

Ал эми ички жагы кээ бир чоң адамдардын бут кийиминдей тегерек түрдө болбостон, сөзсүз түрдө түз болуусу зарыл.

Жаш баланын бут кийиминде да 1,5 см.ден ашпагандай бийиктикте такасы болуусу керек.

Баланын согончогу жылмышып ылдый түшүп кетпөөсү үчүн арты жука жана катуу болуусу керек. Бут кийим тандоодо артын кармап көргөнүңүздө жалпайып же чуңкурайып кетпөөсү зарыл.

Гезит ээси – ЖЧК "Горизонт Медиа" Юстиция министрлигиндеги катталуу номери – 1925

САРЕСЕП

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Гүлмайрам Бакирова.

**Кабарчылар:** Эрлан Жыргалбек уулу, Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Рахат Акматова.
**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com

**Реклама жана маркетинг:** Эдил Айдаров.
Тел.: (0312) 93 65 55, (0703) 73 82 31
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru
**Design:** "Горизонт Медиа"

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 93-65-55, (0312) 45-48-68
**www.saresep.kg**
**Facebook:** Саресеп гезити

**Нускасы:** 5000
**Буйрутма № 1974**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.